Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮРӨТ ӨНӨРҮ 5



*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Ташкент – «O‘zbekiston» – 2015

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК: 372.874=512.154(075)
КБК 85.1я72
С 90

**Авторлор:**

Турсуналы КОЗИЕВ, Сунатулла АБДЫРАСИЛОВ,
Орунбай НУРТАЕВ, Аскаралы СУЛАЙМАНОВ

**Рецензенттер:**
**Р. Ражабов –** Низами атындагы ТМПУ «Искусство» факультети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент;
**Н. Боймуродова –** Республикалык билим берүү борборунун башкы методисти;
**И. Рахманов –** Ташкент облусу, Аккоргон районундагы 1-мектептин жогорку категориялуу мугалими

**Козиев, Турсуналы ж.б.**
С 90 Сүрөт өнөрү 5: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби / Т. Козиев [жана б.] – Ташкент: «O‘zbekiston» 2015. – 128 б.

ISBN 978-9943-28-353-4

**УЎК 372.874=512.154(075)**
**КБК 85.1я72**

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-28-353-4

© Т. Козиев жана башк., 2015
© «O‘zbekiston» БПЧУ, 2015

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ЧЕЙРЕК

## 1-с а б а к. СҮРӨТ ӨНӨРҮНҮН ЧАГЫЛДЫРУУЧУ КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ МАЕК

### (Репродукцияларды талдоонун негизинде)

Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаттары жана чагылдыруучу тилин түшүнүү жана андан сүрөттүү чагылдыруу ишинде орундуу пайдалануу маанилүү мааниге ээ.

Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу тили катары: композиция, сызык, так, түс, форма, мейкиндик, фактура түшүнүктөрү; белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынын талдоосу ээлейт жана алар: живопись, графика, скульптура, искусство таануунун негизги бөлүмдөрү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаттары катары живописте: түс, сүртмө, чийме, түстүн тактары, түстүү жана жарык контрасттар; графикада болсо, сызык, штрих, контур, түс, ак-кара тактардан пайдаланылат. Табиятта ар бир буюм жана нерселер өз түсүнө ээ. Бул түстөрдө жарык-көлөкөлөр өтө чоң орунду ээлейт.

### Живопистин чагылдыруу каражаттары



*Ван Гог* «Сан-Маридеги деңиз»

Түс – абанын абалы, мейкиндиктеги жайгашуусу, башка түстөрдүн таасиринде өзгөрүшү мүмкүн. Айланадагынын чыныгы сулуулук байлыгы – түс болуп эсептелет.

Сүрөтчү түрдүү маанайды, акыл -ойду, ички туйгусун, боёктордун бирикмеси, жылуу жана муздак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Р. Ахмедов.* Жай жемиштери



*М. Набиев.* Амир Темурдун портрети

түстөрдүн үндөштүгү аркылуу чагылдырат жана аларга шаттык сезими, үмүт-тилектери, тынчсыздануусу, кайгы-капалыгы кирет.

Картиналарды жаратууда түстүү сүртмөлөр чагылдыруу каражаты катары пайдаланылат. Сүрөтчүлөр живописте түстүү сүртмөлөрдүн түрдүү формаларынан пайдаланышат. Бул сүртмөлөр сүрөтчүнүн иш стилин белгилеп берет. Белгилүү художник Ван Гог «Сан-Маридеги деңиз» чыгармасын жаратууда түстүү сүртмөлөрдү орундуу колдонгонун көрүшүбүз мүмкүн.

Өзбекстандык сүрөтчүлөр түстүү сүртмөлөрдөн сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаты катарында пейзаж, натюрморт жанрларында да усталык менен пайдаланышкан. Сүрөтчүлөр М. Набиевдин «Амир Темурдун портрети», Р. Ахмедовдун «Жай жемиштери» темасында иштелген чагармаларында түстүү сүртмөлөрдөн орундуу колдонушкан.

Сүрөтчүлөр сүрөт өнөрүнүн живопись түрүнүн негизги чагылдыруучу каражаты катарында түстөн пайдаланышат. Живописте чыгарманын эмоционалдуу таасирдүү күчүн ашыруу максатында анын мазмунун жана маңызынан келип чыккан абалда түстөрдүн жылуу жана муздак түрлөрүнөн пайдаланылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*У. Тансыкбаев.*
«Ангрен– Кокон тоо жолу»



*Р. Чориев.* «Карыя»

Жылуу жана муздак гаммадагы түстөр көбүрөөк пейзаж жанрында пайдаланылат. Күндүн батышы, ысык Күн, жай, күз темалары жылуу түстөрдө сүрөттөлсө, кыш, кар, аяздуу күн пейзаждары муздак түстөрдө сүрөттөлөт.

Пейзаж жанрында У. Тансыкбаевдин «Ангрен – Кокон тоо жолу» аттуу чыгармасын мисал катары келтирүү мүмкүн. Портрет жанрында сүрөтчү Р. Чориевдин «Карыя» портрети муздак түстөрдү чебердик менен иштеткен.

Живопись искусствосунун атактуу өкүлдөрүнөн: Леонардо да Винчи, Рафаэль Санти, Рембрандт, Карл Брюллов, Анри Матисс, Альбрехт Дюрер, өзбекстандык живопись усталарынан: Урал Тансыкбаев, Абдулхак Абдуллаев, Рахим Ахмедов, Малик Набиев, Рузи Чориев, Жавлон Умарбеков, Бахадыр Жалалов, Алишер Мирзаев, Акмал Икрамжанов, Акмал Нур жана башка бир канча сүрөтчүлөрдү айтууга болот.

Живопись чыгармасын жаратууда сызык жана түстүн тактары да чагылдыруучу каражат катары пайдаланылат. Түшүнүктүү болушу үчүн, буга түшүндүрмө беребиз.

Сызык – картинада бир нерсенин тышкы көрүнүшүн боёктор менен сүрөттөлгөн контуру болсо, так бир нерсенин түстүү силуэти, түстүү көрүнүшү эсептелет. Мисал катарында И. Шишкиндин «Аяздуу түндүк», Ш. Абдурашидовдун «Гүлжахон» аттуу чыгармаларын көрүшүбүз мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ш. Абдурашидов.* «Гүлжахон»



*И. Шишкин.* «Аяздуу түндүк»

Живописте чагылдыруучу каражат катары түстүү жана жарык контрасттардан да пайдаланылат. Мындай жараянды белгилүү сүрөтчү А. Куинджинин «Кайыңзар» чыгармасында так кескин ачык жана кочкул түстүн катыштары аркылуу чагылдырылган. Өзбекстандын сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларында да мындай чагылдыруучу каражаттарда аткарылган иштерди көрүү мүмкүн, мисалы: А. Муминовдун «Чарвак күүлөрү», А. Мирзаевдин «Пашкурттук чеберлер» жана башкалар.



*А. Куинджи.* «Кайыңзар»




*А. Муминов.* «Чарвак күүлөрү»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*А. Мирзаев* «Пашкурттук чеберлер»

## Графикада чагылдыруу каражаттары

Сүрөт өнөрүнүн графика түрүнүн да өзүнө мүнөздүү чагылдыруучу каражаттары бар. Мында, сүрөттөө сызыктардан (штрих) туура жана орундуу пайдаланууну талап кылат. Алар өз формаларына жараша түз, кыйшык, жаа сымал, толкун сымал, аралаш болот.

Алар сүрөттөлүп жаткан буюмдардын формасы, конструкциялык түзүлүшүнө карата колдонулат. Мисалы, шардын жарык-көлөкө бөлүгүн штирхтөө каражаттарында, анын көлөмүн сүрөттөөдө жаа сымал сызыктардан (штрих) пайдалануу сунуш кылынат, башкача айтканда сүрөттүн формасы, көлөмү жана образдын өзгөчөлүгүн ачып бериши үчүн штрихтин түрлөрү түрдүү жайда түрдүүчө колдонулат.

Графикалык чыгармалардын таасирдүүлүгүн ашыруу максатында кагазда тушь менен иштөө техникасынан да пайдалануу мүмкүн.



Кытай иштөө усулу




Штрихтөө үлгүлөрү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Шарды штрихтөөдө жаа сымал штрихтен пайдалануу



Шар сымал нерселерди штрихтөө усулу



Штрихтөө усулу

Сүрөттө көрсөтүлгөн иштерде ушундай усул колдонулган. Бул техника кытайлык сүрөтчүлөр тарабынан кеңири колдонулат.

Графикалык чыгарманы жаратууда штрихтер чагылдыруучу каражат катарында пайдаланылат. Сүрөтчүлөр графикада штрихтөөнүн түрдүү формаларынан пайдаланышат. Бул штрихтер сүрөтчүнүн иш стилин белгилеп берет. Мисалы, сүрөтчү тарабынан «Удагы мышык» композициясын жаратууда штрихтерден орундуу колдонгонун көрүш мүмкүн. Сүрөтчү Пабло Пикассонун «Тынчтык көгүчкөнү» аттуу чыгармасы да буга ачык-айкын мисал боло алат.



«Удагы мышык» композициясы



*П. Пикассо*. «Тынчтык көгүчкөнү»




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жаа сымал штрихтөө түрлөрү



Шарды чекиттердин жардамында штрихтөө



Ийнеликти чекиттүү штрихтер менен чагылдыруу

Графикалык чыгарманы жаратууда кыйшык штрихтер чагылдыруучу каражаттары катарында пайдаланылат. Бул кыйшык штрихтер нерселердин фактурасын, кандай материал экендигин белгилеп берет. Мисалы, кесилген дарактын сөңгөгүнүн сүрөтүн иштөөдө штрихтерден орундуу колдонулганын көрүшүбүз мүмкүн

Графикалык чыгармаларда чекиттерден да сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаты катары пайдаланылат.



Дарак. Тушь



Натюрморт. Калем



Пейзаж. Фломастер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Л. Ибрагимов.* «Жүзүмзар»



*М. Садыков.* «Айыл»

Сүрөт өнөрү чыгармаларын чагылдыруучу таасирин ашыруу максатында түрдүү материалдарды колдонуу мүмкүн. Мисалы, сүрөттөө тушь, калем, фломастерде чебердик менен сүрөттөлгөн.

Графика мазмуну жана түзүлүшү боюнча живописке жакын, бирок өзүнүн милдети жана мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Графиканын живопистен айырмалуу жагы, негизги сүрөттөө усулу (башкача айтканда сызык, жарык-көлөкө); андагы түстүн орду салыштырмалуу чектелишинде.



*Ж. Умарбеков.* «Бабур»

График сүрөтчүлөр М. Кагаров, К. Башаров, М. Садыков, А. Бабров, Ф. Камбарова, Г. Байматов, Г. Султановалардын чыгармачылыктарын санап өтүү мүмкүн.

Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаттары анын түрлөрүнө жараша түрдүүчө болот. Мисалы, живописте негизги каражат катарында түс маанилүү ролду ойносо, графикада сызык, ак-кара түстөрдүн карама-каршылыгы, скульптурада (айкелчилик) көлөм,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

прикладной искусстводо (кол өнөрчүлүктө) болсо ритм, симметрия, форма жана түстөн негизги чагылдыруучу каражат катары пайдаланылат. Алардын бардыгы үчүн мүнөздүү болгон негизги каражат бар. Ал – композиция.

Композицияда, эң маанилүүсү, чыгарманын композициялык чечими, мазмундуулугу, чагылдыруучу каражаттардан туура жана орундуу пайдаланышы эсептелинет

## Скульптурада айкелчиликте чагылдыруучу каражаттар

Скульптуралык чыгарманы жаратууда негизги чагылдыруучу каражат катарында көлөм, пластика, материал, фактурадан пайдаланылат. Скульптура негизги чагылдыруучу каражат болуп анын көлөмү эсептелет. Ал ар тараптан көрүнөт. Скульптурада чагылдырылган негизги объект – адам. Айкелчилик инсандагы баатырдыкты, сулуулукту, улуулукту так өзүндөй элестетип, түбөлүктөштүрөт. Ал кандай материалда иштелиши, ойлонгон идея жана образына



*И. Жаббаров.* Амир Темур айкели. Самарканд



*Ж. Миртажиев.* Акын Гафур Гулам айкели. Ташкент



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ылайык түрдө тандайт. Бул иште кокустук болбойт, анткени бир иш – жыгачта, башкасы – мрамор ташта, үчүнчүсү – бронзада жасалат. Мисалы, бронза материалы көбүрөөк майда бөлүктөр үчүн; жыгач болсо жумшактык өзгөчөлүктөргө; мрамор – ак ниеттүүлүк, таш – образды жалпылаштырып иштөө мүмкүнчүлүгүн берет. Албетте, чыгарма адегенде эле материалда иштелбейт. Алгач, скульптор өзүнүн пикирлерин кагазда аныктайт, кийин аны ылайдан, пластилинде же гипсте жасайт. Андан кийин идянын негизинде даярдалган эскизди тандалган катуу материалга иштөөгө өтүлөт.

Монументалдык скульптуралар (айкелдер) алыстан көрүүгө болжолдонгон. Бул боюнча республикабыздын бардык шаарларында улуу бабаларыбыздын айкелдерин көрөбүз.

Өзбекстанда белгилүү айкелчилик өнөрүнүн чебер усталарынан, айрыкча, Абдумомун Байматов, Ильхом Жаббаров, Жалаллиддин (Равшан) Миртажиев, Анвар Рахматуллаев жана башка бир топ скульпторлордун чыгармалары көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө тартат.

Скульптура – иштөө берүү усулдары жана табиятта маалым көлөмгө ээ болгон деталдар, формалар аркылуу сүрөттөлөт. Анын «Көрктүү скульптуралык» түрү да бар. Бул усул скульптурада «турмуштук пластика» деп аталат. Көрктүү



*А.Рахматуллаев, Л.Рябзев.* Улугбек айкели. Ташкент



*Ж. Миртажиев.* Жазуучу Саид Ахмад жана Саида Зуннуновалардын айкели



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

скульптуралык буюмдары өзүнүн көрктүүлүгү, кичине өлчөмдүгү менен ажыралып турат. Аны колго алып көрүү мүмкүн. Көрктүү скульптурада фарфор, керамика, жыгач, металл жана таштардын кымбат баалуу түрлөрү, пилдин сөөгү жана ушу сыяктуулардан пайдаланылат.

Скульптуранын кеңири таркалган түрлөрүнөн бири – ылай же пластилин менен иштөө. Скульпторлор айкелдин макетин элдин кол өнөрчүлүк усталары оюнчуктар жана майда пластика даярдоодо ушул сырьёлордон пайдаланышат. Өзбекстанда түрдүү оюнчуктарды жасоочу эл усталары жана керамисттер (карапачы) У. Журакулов, А. Мухтаров (Самарканд), У. Умаров, А. Назраткулов, М. Нарзуллаев (Гиждуван), Б. Боисов; Р. Матчанов (Хоразм), К. Турабов, Я. Зиёмухамедов, А. Рахматов, М. Рахимов, Р. Арифжанов, А. Нугманов, Т. Миралиев, А. Аминов (Ташкент), Т. Тиллахожаев (Наманган), А. Худайназаров (Каттакоргон), Б. Халилов (Денау), М. Облакулов (Ургут), ага-ини Хожимировдор (Андижан), Х. Рахимова (Бухара), Ш. Каландаровдор (Хожейли) жараткан чыгармалары татыктуу.



*А. Мухтаров.* «Кожо Насриддин базар кезет»



*Б. Жалалов.* «Чебер аялдар»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Прикладдуу искусстводо чагылдыруучу каражаттар

Прикладдуу искусствонун чагылдыруучу каражаттары анын түрлөрүнө жараша түрдүүчө болот. Прикладдуу искусстводо ритм, симметрия, форма жана түстөн негизги сүрөт каражаты катары пайдаланылат. Мисалы, оймо-чиймечиликте негизги каражат катарында түс маанилүү ролду ойносо, жыгач оймочулугунда – жыгач, жезчиликте – сары жана кызыл жез металлы, керамикада – ылай, саймачылыкта – жибек жиптери, алтын саймачылыкта – баркыт менен алтын жиптерден негизги сүрөттөөчү каражат катары пайдаланылат. Алардын баары үчүн мүнөздүү болгон негизги каражат – бул композиция.

Прикладдуу кооздоо искусствосу байыркы замандарда пайда болуп, элдик кол өнөрчүлүк түрүндө өнүгөт. Прикладдуу искусство оймо-чиймечилик, карапачылык жана көркөм кооздоонун башка көрүнүштөрүндө көрүнөт.

Байыртадан ата-бабаларыбыз **оймо-чиймечилик** өнөрү менен алектенишип, атак-даңкка жетишкен.

Өзбек усталары үй-орозгер буюмдары менен гана чектелип калбай, үй-жай жана коомдук имараттардын дубал жана шыптарын чебердик менен кооздоп келишкен.

Искусствонун бул түрүнө ар бир эл өзүнчө чыгармачылык кылат. Мисалы, орустардын прикладдуу искусствосунда тегизделген жыгачка уста өсүмдүк формасындагы оюм-чийимдин сүрөтүн түшүрөт, кийин аны атайын боёктор менен боёйт. Ал бир аз кургагандан кийин, боёгу өчүп кетпестиги үчүн үстүнөн бир нече жолу тунук лак сүртүлөт. Өзбек усталарынын иш стили башкачараак болот. Эскиздин негизинде жыгач уста даярдаган кутучага желим сүртүлөт. Кум кагаз менен тазаланган материалга бронза түс берилет. Бронзанын үстүнөн үлгүнүн негизинде композициянын сүрөтү түшүрүлөт. Анын үстүнө кара боёк сүртүп, оймо иштелет. Оймолор өчүп кетпестиги үчүн бир нече жолу таза лак сүртүлөт.

Оймо усталардан А. Касымжанов, Я. Рауфов, Т. Тохтахожаев, А. Балтаев, С. Нархожаев, Ж. Хакимовдор өнөрдүн бул түрүндө ийгиликтүү эмгектенишип, даңкка жетишкен.

Прикладдуу искусствонун түрлөрүндө симметрия маанилүү ролду ойнойт. Симметрия дээрлик бардык жерде иштетилет. Симметрия



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сапал илеген.
«Музыканттар»



Симметриялык көрүнүштөгү бал аарынын сүрөтү

сөзү – окшоштук (латын. iden сөзүнөн алынган болуп, ошонун өзү, дал өзүндөй маанилерин билдирет) делет. Кандай болсо ошондойлук өз ара бири-бирине толук ылайыктуулугун туюнтат. Мисалы, карапачы уста Р. Мухаммаджановдун «Музыканттар» аттуу чыгармасы жана аарынын сүрөтүндө симметрияны көрүү мүмкүн.

Формасынын тегиздикке карата бирдей жайгашуусу симметрия деп аталат. Симметрия борбору, огу же тегиздиги тегерегинде айландырылганда, анын симметриялык элементтери бир-биринин ордун толук ээлейт. Симметриянын бир нече түрлөрү бар болуп, алардын ичинде эң жөнөкөйү чагылтуу симметрия эсептелет. Симметриялык композициянын өзүнчө бир көрүнүшү болсо – оймо-чиймелер. Сүрөттү огун бойлоп бир аз сүрүлсө, оймо-чийменин бардык элементтери бири-биринин үстүнө түшөт. Прикладдуу коздоо искусствосунда мындай симметриянын эки түрү көп таркалган. Алар тасмалуу, алкактуу жана айлана (мисалы, тарелканын четиндеги оймосу) оймо-чиймелер.

Оймо-чиймечиликте симметриялар көп иштетилет. Симметрия – грекче сөз болуп, «symmetria» – өлчөмдөө деген маанини билдирет. Симметриялык – бир нерсе, оймонун борбордук сызыгына (ок сызыкка) же тегиздикке караганда дал өзүндөй түрдөш жайгашуусу, өз ара окшоштук.

Оймо-чиймеде симметрия түрлөрү бар. Күзгүдө чагылдырылган симметрия күзгү сымал симметрия делет. Күзгү сымал симметрия прикладдуу искусстводо маанилүү орунду ээлейт. Прикладдуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



искусстводо иштетилген кооздуктун көпчүлүгү күзгү сымал симметрия негизинде иштелет.

Ата-бабаларыбыздын колу жана чын ниети менен жаратылган Самарканддагы Регистан майданындагы Шердор медресесинин порталындагы оймо-чийме кооздугу симметриялык абалда кооз сүрөттөлгөн. Шердор медресесинин порталындагы кооздоолордун ар бир сызыгы, формасы жана түстөрү өзүнчө мүнөздүү сырдуу



Самарканд. Шердор медресесинин порталындагы оймо-чиймелер. XVII кылым

ааламга ээ. Кылдаттык менен каралса, симметриялык композиция түркүмүндөгү ассимметриялык сулуулукту көрүп, акылмандыктын казынасы табылгандай болот.

Порталдагы арстан, Күн, кийик инсан кейпи, түс, оймо-чиймелер симметриялык жайгашкан болсо да, арстан сымал жолборстун бир тарабындагы бир тырмагын сүрттөөдө түшүрүп калтырылган. Бул болсо, инсан турмушундагы каалоо менен мүмкүнчүлүк ар дайым ылайык келбестиги, башкача айтканда «Бул дүйнө, бири кем дүйнө», экендигине белги берилген. Ар бир инсан өзүнү түшүнүп жашоосу керектиги билдирилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Прикладдуу искусстводо ритмдин көрүнүшү ар түрдүү болот. Муну оймо-чиймеде, керамикада, жыгач оймодо, түрдүү искусство чыгармаларында учуратуу мүмкүн. Элементтин акырындап, белгилүү тартипте өзгөрүп барышы, оймо-чиймелердин татаалдашуусунда көрүнөт.

**Оймочулук** – Өзбекстанда прикладдуу искусствонун эң белгилүү жана байыркы түрлөрүнүн бири. Оймочулук өнөрүндө Бухара жана Ташкенттик усталардын натыйжалуу эмгектери алкышка ылайыктуу.

Илгери дубалдар оймо гүлдүү паннолор менен кооздолуп, четине оймо-чиймелер оюлчу. Текчелер болсо, эки жакка ачылма кылып жасатылып, бөлмөгө нур жана аба кирип турушу үчүн терезе менен эшиктин үстүнөн ачылма көз (форточка) коюп, ага гипс жана жыгачтан решетка орнотулчу. Азыр болсо люстра, шып сыяктуу архитектуралык деталдары гипстерден даярдалууда. Ошондой эле, маданият сарайлары, клубдар, театр жана үй-жай имараттарынын ички жана тышкы бөлүгүн кооздоодо оймочулуктан кеңири пайдаланылууда.

Өзбек оймочулугунун укмуштуудай үлгүсүн Бухаранын жанындагы Ситораи Мохи Хосадагы «Ак үйдө», Ташкенттеги Наваий атындагы чоң академиялык опера жана балет театрында көрүшүбүз мүмкүн. Искусствонун бул укмуштай жана татаал түрүндө Уста Ширин Мурадов, Ташпулат Арсланкулов сыяктуу усталардын даңкы чыккан.

Прикладдуу искусствонун жыгач оймочулук түрү байыртадан бар болуп, өзүнүн бай салттарына ээ. Жыгач оймочулук чыгармалары эшик, терезе, куту, хантахта, китеп текчелери, кутучалар, устундар, оюнчуктарда өз чагылышын тапкан.



Өзбекстандын элдик кол өнөрчүлүгүндө **жыгач оймочулугу** салмактуу орунду ээлейт. Бул боюнча Хивалык усталардын иштери мактоого арзыйт. Алардын чыгармалары өсүмдүк формасындагы элементтердин көптүгү жана бөр-





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Кутуча



Китеп койгуч

түп иштелгендиги менен башка чыгармалардан ажыралып турат. Ташкенттик усталар болсо, көбүрөөк «гирих» усулунда геометрииятлык арнаменттерди жаратышууда.

Жыгач оймочулугу өнөрүндө музыкалык аспаптарды коздоо да өзүнчө орунду ээлейт. Дутар, танбур, тар жана чанг аспаптарына сөөк седептерден кадап иштелген кооз оймолор адамды таң калтырат. Бул өнөр азыркы кезде Ташкентте кеңири өнүккөн.



Жыгач эшик


Жыгач оймочулугунда ритм аныктык, өзүнө тартуучулук, жана көркөмдүүлүккө жетишүүгө жардам берет. Оймочу бул мыйзам ченемге негизденип, өзүндөгү билим жана тажрыйбалардан пайдаланып, өзүнүн композициясын жаратат. Жаңы оймочиймедеги ритмдин характерин аныктоодо уста өзүнүн ички ой-сезимдерине да сүйөнөт.

Композициядагы кайталануу – ритм оймочийме композициясындагы бир бүтүндүн курамдык бөлүгүн бир нече жолу мезгилдик кайталанышы. Ритмдин түрдүү-түмөндүгү ар түрдүү шартта элементтердин формасы жана арасындагы аралыктын чоңдугуна байланыштуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Жез идиштер

Мезгилдик кайталануунун үч көрүнүшү бар: жөнөкөй кайталануу; татаал кайталануу; өтө татаалдашкан кайталануу.

Жөнөкөй кайталануу – бир элементтин кайталанышынан пайда болот.

Татаал кайталануу – эки ар түрдүү элементтердин маалым тартипте кайталанышынан пайда болот.

Өтө татаалдашкан кайталануу – бир нече элементтердин белгилүү тартипте кайталанышынан пайда болот.

Үч түрдөгү ритмди композиция чийүүдө элементтердин өз ара байланышкан болушу жана алардын арасында мыйзамдуулуктун бар экендиги сезилип тургандай кылып иштетиш керек. Көпчүлүк абалда чийилген оймо-чийме композициясында күтүлбөгөндүк, тартипсиздик пайда болот. Композицияда ритм болсо, ал абдан кызыктуу көрүнөт. Муну искусство чыгармаларында көрүү мүмкүн.

Оймочулук өнөрүнүн ажайып түрлөрүнүн бири – бул **жезчилик**. Өзбек жезчилик өнөрү байыртадан даңкталып келген. Сары жана кызыл жезден иштелген түрдүү чарба жана үй-орозгер буюмдары өтө көрктүү формалар менен коздолот.

Коздолгон жез аспаптар Бухара, Кокон, Самарканд, Каршы жана Хива шаарларында көбүрөөк жасалат. Жезчилик боюнча бул шаар



Зергердик буюмдары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


усталарынын өзүнө мүнөздүү иштөө стилдери бар. Илеген, поднос, чай идиши, кумган жана чылапчын жезчиликте эң көп таркалган буюмдар.

Өзбек элдик кол өнөрчүлүк түрлөрүнүн ичинде **зергердик** өзгөчө орунду ээлейт. Зергердик буюмдарын иштөө өтө назик иш. Күмүш, алтын, жез негизги сырьё болуп эсептелет.

Өзбек зергердиги байыркы тарыхка ээ. Эрабызга чейин болгон I кылымдан баштап Айрытам, Афрасиаб, Далварзинтөбө, Холчаён, Балалыктөбөдө скульптуралар, дубал жасалгалары аркылуу зергердик өнөрүнүн өнүккөндүгүн көрүш мүмкүн. Мисалы, Хорезмде шишеден жасалган арстан жана бака формасындагы мончоктор табылган.

XIII–XIV кылымдарга чейин зергердик буюмдарында көбүнчө жаныбарлар сүрөттөлгөн болсо, кийинчерээк араб жазуулары композицияга кирип, өзүнө мүнөздүү көрүнүш берди. XVIII кылымда биринчи жолу алтын теңгелер иштеп чыгарыла баштады. Зергердик буюмдары алтындан, күмүштөн жана башка металлдардан жасалды. XIX—XX кылымдын баштарында Орто Азияда көркөм кол өнөрчүлүк өнүктү. Көптөгөн шаарларда уста зергерлер болуп, алар атайын махалла болуп жашашкан. Ошондуктан зергер махалла деп айтылган.

Биринчи даражалуу таштар – алмаз, сапфир, изумруд, рубин, александрит, алтын, платина, берметтер. Экинчи даражалуу таштар – аквамарин, топаз, кызыл турмалин, цирконий. Үчүнчү даражалуу таштар – нефрит, бирюза, кордиерит, агат, малахит жана башкалар.



Көркөм карапачылык

Зергердикте ылайлуу очок, булгаары, өтө чыдамдуу ылайлар, ширеткич, чыгырык, темир кыскычтар, балкачалар, металл такта, кескич аспаптар, чарык таш, калыптар, кайчылар иштетилет.

Табигый ылайдан түрдүү идиштерди жасап, аларга түс берүү – бул кол өнөрчүлүктүн **карапачылык** түрүнө тиешелүү. Ал байыркы замандан өнүккөн. Карапачылык өнөрүнө сапал жана фарфор идиштер, ошондой ылайдан жасалган оюнчуктар кирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Топулар

Өзбек карапачылык буюмдарынын кооздук композициялары өсүмдүктүн формасы жана геометриялык элементтерге байлыгы, түркүн-түстүүлүгү, боёктор гаммасынын ачык-айкындыгы менен ажыралып турат. Аларда бирюза түсү бакыт келтирүүчү белги катары көп иштетилет.

Карапачылык Өзбекстан архитектурасында да кеңири колдонулган. Медресе, мечит, кербен сарай, мончолордун серелеринде, бөлмөнүн ичиндеги дубал коoздоолорунда карапачылык өнөрүнүн үлгүлөрү өз чагылышын тапкан. Азыркы карапачылыктан коомдук, турак жай имараттарын кооздоодо кеңири колдонулууда.

Өзбекстан карапачылык өнөрүн өнүктүрүүдө карапачылардан: У. Журакулов, М. Рахимов, У. Усманов, И. Назруллаев, А. Рахимов жана башка усталар өздөрүнүн салмактуу үлүштөрүн кошууда.

Кол өнөнрчүлүктүн кеңири таралган түрү – **саймачылык** болуп, ал байыркы салтка ээ. Өзбек саймачылыгында гүлдесте, мажүрүм тал, Күн, кээде дарактын бутактарына конгон куштар, жаныбар жана адамдын сүрөттөрүн да учуратабыз.

Өзбекстандын – эң байыркы маданият очоктору болуп эсептелген. Бухара жана Самарканд сузаналары өзүнүн ачык-айкын түсү, формаларынын түрдүү-түмөндүгү жана назик тигилиши менен айырмаланат. Шахрисабздык аялдар сайган сайма буюмдары болсо көбүрөөк килемди эстетет.

Өзбек саймачылыгында топу өзгөчө орунду ээлейт. Шахрисабздын килем топусу, Бухаранын алтын сайма топусу, Ферганалын чуст топусу, ироки, тукаба жана башка топулар Орто Азия элдеринин арасында кеңири таркалган. Топунун үлгүлөрүнүн ичинде эң белгилүүсү чуст топулары. Кара атластын (же сатин) үстүнө жибек жип менен сайылган бадам гүлү (же калемпир), топунун кырына түшүрүлгөн гүлдөр топуга көрктүүлүк тартуулайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Алтын саймачылык

Саймачылык өнөрүндөгү белбоо, кол жоолук, дасторкон жана түрдүү баштыкчалар да көрктүү коолдолот.

Өзбек саймачылыгынын салттары азыркы күндө да улантылып, ийгиликтүү өнүгүүдө. Кийинчерээк саймачылык өнөрүндө кишилердин портретин саймага түшүрүү да пайда болду.

Орто Азия элдери байыртадан өздөрүнүн **алтын саймачылык** өнөрү менен сыймыктанышат. Алтын саймачылыкта негизги материал катары алтын жиптер жана макмалдан пайдаланылат. Уздар алтын сайма саюунун эки түрүн колдонушат. Биринчиси – фону алтын жип менен сайып толтуруу жана экинчиси – оймо-чиймелерди алтын жип менен саймалап толтуруу. Чеберлер орнаменталдык жана сюжеттүү композицияларда, көбүнчө өсүмдүктөрдү сүрөттөшөт: гүлдөр, жалбырактар, бадам түптөрү, пахта жана башкалар. Кийинки убактарда алтын жип менен саймаланган буюмдарга жандуу нерселер сүрөттөлө турган болду. Байыртадан алтын жип менен саймалоо Бухара жана Самарканд шаарларында кеңири өнүккөн. Кийинки мезгилде алтын саймачылык уздарынын шарты жакшыланышынын натыйжасында иштери чыгармачылык багыт алды. Натыйжада ар түрдүү белек жана массалык алтын сайма буюмдары жаратыла баштады. Азыркы күндө алтын сайма буюмдары Бухара, Самарканд ж.б. областтардагы атайын алтын саймачылык фабрикасында көптөп иштеп чыгарылууда.

## Дизайн искусствосунун чагылдыруучу каражаттары

Тилибизде «дизайн» термининин пайда болгонуна көп болбоду. Дизайн – англис тилинен алынган сөз болуп, чийме, сүрөт, долбоор маанилерин билдирет. Дизайн – жасоо, түзүү түшүнүктөрүн, дизайнер – сүрөтчү, конструктор, дизайн-формасы – буюмдун тышкы формасы маанилерин билдирет.

Белгилүү италиялык архитектор жана дизайнер Д. Понти «дизайндын максаты татынакай формалар, ыңгайлуу жана жакшынакай буюм-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дарды жаратуудан турат», – деп эсептейт.

Дизайн искусствосу үч түргө, башкача айтканда архитектуралык дизайн (интерьер, экстерьер, ландшафт), өнөр жай дизайни (оор жана жеңил өнөр жай), басма дизайнге (журнал, газета, китеп, открыткалар) бөлүнөт.

Дизайн көркөм долбоорлоонун негизги милдеттерине символикалык белгилер, эстелик буюмдары, түрдүү костюмдар, рекламалар,



Мебель



Макеттер



Балдар оюн комплекси



Интерьер буюмдары





Кийимдер дизайни



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мебель, жарыткыч аспаптары, балдар оюну комплекси, интерьер жана экстерьердин көркөм эскизи жана макеттерин даярдоо кирет. Мисалы, «буюмдардын дизайни», «автомобилдердин дизайни», «кийимдердин дизайни» жана башкалар.

Дизайнерлер метро бекеттеринин архитектурасын, вагондорду, жазуулардын шрифтин, эскалаторлордун формасын чечип беришет. Натыйжада, Өзбекстан метросу жана анын ыңгайлуу вагондору, бекеттердин жарык жана жакшынакай коoздолгон залдары формаланды.





Метрополитен



Эскалатор

Бүгүнкү күндө жашообуздун эч бир тармагын, билим берүү системасын да маалымат технологиялары жана анын негизи болгон компьютерлерсиз элестетип болбойт.

Техника багытындагы түрдүү-түмөн дизайнер искусствосунун үлгүлөрүн көрүшүбүз мүмкүн. Күнөстүү Өзбекстанда дизайн да өзүнүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Көркөм долбоорлоо



Автомобиль дизайни

жергиликтүү белгилери менен айырмаланат. Мисалы, Андижандагы Асака автомобиль заводунун конструктордук бюросу өзүнүн жетекчи дизайнерлеринин күчү менен автомобилдердин бир нече моделдерин жаратты.

Азыркы күндө «ЖМ Өзбекстан» кошмо ишканасында белгилүү «Шевролет» маркасы негизинде «Малибу», «Каптива», «Ласетти», «Кобалт», «Нексия», «Спарк», «Дамаз» маркадагы автомобилдер чыгарылууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Дизайн искусствосунун түрлөрүнүн бири – бул көркөм конструкциялоо. Мында окуучулар ар түрдүү көрүнүшкө ээ болгон кутуларга көркөм жасалга берип, аны коздоштот, ошону менен бирге майрамга арналган открыткалар, түрдүү формадагы белек-бечкек үчүн кутучаларды даярдашат.

Сүрөт өнөрү жана прикладдуу искусствонун түрлөрү боюнча чагылдыруучу каражаттары жөнүндө теориялык маалыматтарга ээ болдук. Алардын бардык түрлөрү үчүн мүнөздүү болгон негизги каражат – бул композиция.

Композицияда, эң негизгиси, чыгарманын композициялык чечими, мазмундуулугу, сүрөттөө каражаттарынан туура жана орундуу пайдалануу эсептелинет.

**Композиция иштөөдө чагылдыруучу кражаттары**

Композиция түзүүдөн максат – темага ылайык келе турган элементтерди тандап алып, алардын бөлүктөрүнүн ордун алмаштыруу, жаңы деталдарды киргизүү аркылуу оригинал мазмунду чагылдыруучу чыгармачылык иштерди аткаруудан турат. Окуучулар копозициянын негизги каражаттары, түшүнүктөрү жана алардын чагылдырылышы жөнүндө толук маалымат алуулары керек. Мисалы, композиция



каражаттарынан бири – формат эсептелинет, анын үч көрүнүшү болот: горизонталь абалы, вертикаль абалы жана квадрат формасында болот.

Сүрөтчүлөрдүн түрдүү абалдагы форматта сүрөттөлгөн чыгармалары, мисалы, Р. Ахмедовдун «Анарлар», С. Абдуллаевдин «Наваий жана Хусейн Байкара», Н. Ариповдун «Жаз» А. Куинджинин «Кайыңзарда» композициясынын чагылдыруу каражаты талдоого мисал боло алат.

Композиция каражаттарынан бирине орун (жай), түшүнүгү кирет, алар көп пландуу жана бир пландуу көрүнүштө болот.

Каражаттардан дагы бири композиция борбору, пропорция динамика жана статика, түс, жарык-көлөкө, контраст, ритм, декоративдүү жана бүтүндүк сыяктуу түшүнүктөрдү өз ичине алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Р. Ахмедов.* «Анарлар»



*С. Абдуллаев.* «Наваий жана Хусейн Байкара»



*Н. Арипова.* «Жаз»



*П. Беньков.* «Курдаштар»



*Г. Абдурахманов.* «Сижжакда күз»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Я. Салпинкиди.* «Хумсан»

Өзбекстан сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгында бардык композиция чагылдыруу каражаттарын байкашыбыз мүмкүн.

Эстетикалык жаңылык Микеланжело, Тициан, Рембрандт, Т. Яблонская, А. Сарвасовдун өлбөс-өчпөс чыгармаларында композиция түзүлүшү, көркөм каражаттары жардамында чагылышын көрүү мүмкүн.



1. Сүрөт өнөрүнүн кандай чагылдыруучу каражаттарын билесиңер?
2. Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу тили жөнүндө айтып бергиле.
3. Живопись тилинин негизги сүрөттөө каражаттарына эминелер кирет?
4. Графикада өзүнө мүнөздүү сүрөт чагылдыруучу каражаттарын мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Скульптурада көлөм каражат катары кандай мааниге ээ?
6. Прикладдуу искусствонун чагылдыруучу каражаттары жөнүндө эмнелерди билесиңер?

**Тапшырма.** Сүрөт өнөрүнө таандык материалдарды жыйноону улантуу. Жашаган жердеги искусство чыгармаларын (графика, живопись, айкел, прикладдуу искусство) байкоо жана алардын көркөм образын талдоо.

## 2, 3-сабактар. КАЛЕМДЕ ТҮРДҮҮ СЫЗЫКТАРДЫН (ШТРИХ) ЖАРДАМЫНДА СҮРӨТТҮҮ ОБРАЗДАРДЫ ЖАРАТУУ

Сүрөт өнөрүнүн түрлөрүнүн негизи – калем сүрөт эсептелет. XVIII кылымдан баштап «Калем сүрөт» түшүнүгү сызыктардын жардамында образ жаратуу катары сүрөттү белгилөөчү термин болуп эсептелет жана бардык сүрөт өнөрү түрлөрүндөгү нерсенин (буюм) формасы, өлчөмү, түзүлүшү жана характерин белгилеп берүүчү маанилүү өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт. Калем сүрөт өзгөчөлүктөрүн терең үйрөнүү үчүн сүрөттөө шарттуу түрдө бир нече түрлөргө бөлүнөт.

Сүрөт өнөрүндө чекит, сызык жана штрих эң негизги милдетти аткарат. Аларсыз эч кандай сүрөттү сүрөттөп болбойт, ошол себептүү алардын практикалык аткарылышын өзүнчө көрүп чыгабыз.

**Чекит.** Кагаздын бетинде сүрөттөлүп жаткан сызык чекиттерден турат. Эгерде бир чекит кара так катары кабыл алынса, эки чекиттин арасы туташтырылышынын натыйжасында сызык же кандайдыр бир буюмдун кыры пайда болот. Тегиздиктеги бир нече чекиттерди бир-бири менен туташтырсак, кандайдыр бир буюмдун жалпы формасы пайда болот.

Сүрөт өнөрүндө, айрыкча, калем сүрөттө колдонулуучу чекиттер таяныч чекит делет. Ушул таяныч чекиттер аркылуу буюмдун конструктивдик түзүлүшү пайда болот.

Мисалы, сүрөттөгү адамдын башынын таяныч чекиттери конструктивдик курулушунда негизги орунду аткарып жатканы көрсөтүлгөн: ээк, мурун, каштын ортосу жана маңдай чекиттери жалпы баштын профиль сызыгын сүрөттөп, конструкциясын курууда чоң жардам берет. Башталышында мындай таяныч чекиттер көп





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

иштетилет. Мисалы, эки бет сөөгүнүн таяныч чекиттери менен ээк чекиттери жалпы беттин алды тарабынын тегиздигин пайда кылат.

Таяныч чекиттер, ошону менен бир катарда кара сызыктар сүрөттөөдө да көп колдонулат жана сызыктуу сүрөттөөнүн башталгыч негизи болуп эсептелет.





**Сызыктуу сүрөт.** Сызык ар бир буюмдун формасынын чек арасын белгилеп, анын борбордук октору менен жардамчы сызыктарында да болот.

Сызыктардагы чекит аракетсиз, чекиттен сызыктарга туташтырылганда, сонун ийилүүчү белгилүү бир мазмундуу форма пайда болот. Сызыктар кээ бир жерде жоон, кээде ичке, а түгүл көрүнөр-көрүнбөс



*П. Пикассо.* «Перо»



*А. Матисс.* «Аял портрети»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да болот жана ачык пластикалык ийилүүчү издерди пайда кылат.

Сүрөт тартууда сүрөттөөнүн негизги эки түрү бар.

**Сызыктуу сүрөттөө.** Ар бир доордо сызыктуу сүрөттөөнүн чебер усталары болгон. Мисалы, Леонардо да Винчи, Рафаэль Санти, Ренато Куттузо, Пабло Пикассо жана башкалар.




*Р.Ахмедов.*
«Нигара портрети»

Алар сызыктуу сүрөттөө аркылуу адамдардын ички дүйнөсүн, философиялык ой-пикирин бере алышкан.

Улуу сүрөтчү Пикассонун «Бийчилер» чыгармасы сызыктуу сүрөттөөгө мисал боло алат. Сүрөтчү жогорку динамикалык аракетти, пластикалык ийилүүчүлүк, адамдардын ички руханий көңүлүн чебердик менен көрсөтө алган.

**Түстүү сүрөттөө.** Эң негизиси сызыктуу сүрөттөө. Анткени, түстүү сүрөттөө (штрихтөө жардамында аткарылат) сызыктуу сүрөттөөдөн кийин аткарылат.

**Штрих.** Штрих менен сызыктын арасында айырма бар. Сызык жогоруда айтылгандай кандайдыр бир буюмдун чек арасын жаратса, штрих ушул буюмдун жарык-көлөкөлөрүн ачык же каралыгын көрсөтүп, анын көлөмүн даана сүрөттөйт.



Штрих түрлөрү

Штрих көп кырдуу жалпы сызыктардын жыйындысы болуп, алардын багытталып сүрөттөлүшү буюмдун формасына жана чоң-кичинелигине байланыштуу. Ошол себептүү буюмдун формасына карап штрихтөө колдонулат.

Штрихтердин бир нече түрлөрү бар, алар төмөнкүлөр: бир багыттагы түз штрихтер, жантык штрихтер, айлана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

түрүндөгү штрихтер ж.б. Булардан – жантык штрихтер көбүрөөк колдонулат.

Штрихтердин кендикти, терендикти сүрөттөөдө да өз орду бар. Алдыңкы катарда жайгашкан штрихтер анык чагылдырса, алыстагы сызыктар алысташкан сайын бир-бири менен туташып, мейкиндик кеңдигин сүрөттөйт. Бул абал көбүрөөк сүрөттөөчүнүн тажрыйбасы же чебердигине байланыштуу.

Штрих сызыктардын аралыгы бири-бирине жакын жайгаштырылат. Кичине көлөмдөгү сүрөттөр кыскача штрихтер менен аткарылат. Мисалы, сүрөтчү А. Абдуллаев адамдын башын сүрөттөөдө кыскача штрихтерден пайдаланган.

Узунураак штрихтер көбүрөөк чоң көлөмдүү сүрөттү, тегиздиктерди, көлөкөлөрдү же болбосо сүрөттөрдү сызууда колдонулат.

Сүрөттө көлөкө түшүрүү (оттенок) штрихтердин жыйындысы менен көрсөтүлөт. Буюмдун көлөкөсү; анын фактурасы штрихтердин жардамында көрсөтүлүп, ишти аяктоо убагында негизги орунду ээлейт.

Кээ бир буюмдар сөлөкөтү жана тышкы көрүнүшү аркылуу характерлүү. Ошон үчүн мындай көрүнүштөрдү сүрөттөөдө айрым абалда түстүү сүрөттүн жөнөкөй түрү тандалат, бул болсо, **силуэт** деп аталат, башкача айтканда бирдей тегиз көлөкө түшүрүү менен капталып, тышкы көрүнүшү сызык аркылуу аткарылат.

Калемде түрдүү сызыктардын (штрих) жардамында сүрөттүү образдарды жаратуу башка жанрлар катарында, натюрморт иштөөдө да колдонулат.



Калем сызыктары



*Я. Кругликова.*
М. Цветаева портрети



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Геометриялык фигуралардан түзүлгөн натюрморттун баскычтуу калем сүрөтүн сүрөттөөдө байкоо, бар нерсени үйрөнүү, көлөмдүү буюмдарды кагаз бетине сүрөттөө жараянында мейкиндик абал жөнүндөгү түшүнүктөр жана элестетүүлөр формаланат. Сүрөттөө жараянын 4 баскычка ажыратуу мүмкүн.

**1-баскыч.** Коюлган нерсенин түзүлүшүнө карап кагаз барагы тик же жантык абалда болушу аныктап алынат. Буюмдун тышкы көрүнүшүн байкап алып, кошумча сызыктардын жардамында геометриялык фигуралар түрүндө белгилеп алынат, амалда кандай максаттарда иштетилиши анализ кылынат. Буюмдун бою менен эни аныктап алынат. Нерсенин тышкы көрүнүшүндө жайгашкан жалпы белгилери – абриси көрсөтүлөт.

**2-баскыч.** Буюмдун жалпы формасы жана сүрөттүн катышы, өлчөмү эсепке алынып, кагазда анын жайгашуусу аныкталат. Нерсенин негизги катыштары, анын өлчөмү, конструктивдик курулушу дагы перспективалуу кыскаруу эрежелерине көңүл бөлгөн абалда сүрөттөлөт.

**3-баскыч.** Нерсенин негизги бөлүгү жана майда бөлүктөрүнүн өз ара жайгашуусу аныкталат. Сүрөттөөдө колдонулган жардамчы сызыктар өчүрүп ташталат жана коюла турган нерселер менен сызылган сүрөт салыштырып көрүлөт. Сүрөттөгү нерселердин жарык-көлөкөсүнүн чоң бөлүктөрү штрихтелип,



Натюрморт баскычы





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ачык-каралыгы аныкталат. Сүрөттөлгөн нерседеги жарык, жарым көлөкөсү, өз көлөкөсү, рефлекс, шоола бөлүктөрү акырына жеткизилет.

**4-баскыч.** Формалардын характери жана фактурасы көрсөтүлүп, иш бир бүтүндүккө келтирилген абалда аякталат.

1. Сызыктардын кандай түрлөрү бар?
2. Сызыктуу жана көлөкө түшүрүп сүрөттөө дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Штрих деген эмне? Силуэт деген эмне?

**Тапшырма.** Калемде түрдүү сызыктардын жардамында сүрөттүү образдарды аткаруу.

## СУУ АСТЫ САЛТАНАТЫНЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

Адамзат илгертен эле жаныбарлар дүйнөсү жана табият менен байланыштуу абалда жашап келген. Ошон үчүн сүрөтчүлөр эзелтен табияттын сулуулугун, жаныбарлар дүйнөсүн жандуу боёктордо сүрөттөп, адамдарга руханий азык берүүгө аракет кылышкан. Ушундай жаныбарлар дүйнөсүн көбүрөөк өз чыгармаларында сүрөттөшкөн сүрөтчүлөр бар. Буга А. Матисстин «Кызыл балыктар» чыгармасы жана Г. Абдурахмановдун «Балыктуу натюрморт» чыгармалары мисал боло алат.

Атактуу сүрөтчүлөр тарабынан жаратылган ушундай чыгармаларды байкаганыбызда чексиз табиятка болгон мамиле жана ага болгон кызыгуулар өзгөрөт.

Албетте, суу астындагы салтанатта ар түрдүү балыктар, суу таш бакалары, суу астындагы өсүмдүк жана жаныбарлар жашайт. Берилген сүрөт аркылуу сүрөттүү образ композициясын элестетип, калемде жаратууга аракет кылабыз. Суу асты салтанатын баарыңар жакшы элестете аласыңар. Суу астындагы балыктардын сүрөтүн тартуу чындыгында кызыктуу. Биз балыктын сүрөтүн баскычтуу сызуу аркылуу жүзөгө ашырабыз.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Биринчи баскычта** балыктын сүрөтүн кагазга жардамчы сызыктар аркылуу туура жайгаштырабыз. Сызыктуу сүрөт даяр болгондон кийин аны дагы бир жолу репродукциялардагы сүрөттөр менен салыштырып көрүлөт. Аныкталган кемчиликтер оңдолот.

**Экинчи баскычта** болсо, балыктын кабырчыктары, куйругу, канаттары жеңил сызыктарда аткарылат.

**Үчүнчү баскычта** болсо, балыктын жарык-көлөкө жерлери аныкташтырылып, штрихтер берилет.

**Төртүнүчү баскычта** балыктын денесинин көлөмдүүлүгү, характерлүү жерлери, көлөкө, жарым көлөкөлөр, алардын арасындагы өз ара байланыштар акырына жеткизилет. Балыктын баш бөлүгүндөгү көлөкөрөөк жерлери коюураак кылынат, алдыңкы бөлүктөрү ачык түстө көрктүү кылып иштелет. Майда бөлүктөрү болсо, калемде кайта боёлуп чыгылат.

Сабактын аягында балдар тарткан суу астындагы салтанатка арналган сүрөттөрдүн көргөзмөсү уюштурулат жана алар талдап чыгылат.



1. Суу асты салтанаты жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Суу астындагы жаныбарлардан кайсыларын билесиңер?
3. Балыктар бизге кандай пайда келтирет?
4. Аквариумда балыктын кайсы түрлөрүн сактоого болот?
5. Зыянкеч балыктар да болобу? Алар кайсылар?



**Тапшырма.** Суу астындагы жандыктардан сүрөттүү образ жаратуу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 4-с а б а к. АК ЖАНА КАРА ТҮСТӨРДӨН ГРАФИКАЛЫК СҮРӨТ ТАРТУУ

Ак жана кара түстөр бирикмесине негизделген сызыктуу сүрөттөр да графикалык искусство түрүнө кирет. Графика грекче «grapho» сөзүнөн алынган – «чиемин, жазамын, сүрөт тартамын», – деген маанини билдирет.

Графикалык сүрөт тартууда, негизинен, эки ак жана кара түстөрдөн пайдаланылат. Түрдүү графикалык сүрөт тартуу учурунда өзгөчөлүктөрүнө карата, кара түстөн коюу, калың, кайгылуу жерлерде, ак түстөн болсо, тунук жана назик, улуулук жана шаттык маанайды



Кара түстөгү ат



Ак жана кара түс. Зебра

сүрөттөөдө колдонулат. Ак жана кара түстөр бир-бирине караганда карама-каршы түстөр.

Берилген сүрөттө эки ак жана кара түстөр аркылуу жаныбардын сүрөтү берилген. Сүрөтчү эки түс менен жаныбардын көңүлүн, ажайып формасын жана кыймылын туура сүрөттөй алган жана карама-каршы болгон ак жана кара түстөрдөн чебердик менен пайдаланган. Кара аттын силуэти ак фондо ачык-айкын ажыралып турат. Силуэт сүрөт өнөрүнүн түрү катарында өтө байыркы заманда – эрабыздан мурдагы VI кылымда пайда болгон. Бирок, бул искусство XVIII кылымдын биринчи жарымында Францияда Этьен де Силуэт аты менен кайтадан пайда болду.

Ак жана кара түстөрдөн графикалык сүрөт тартууда аял-силуэтчилердин арасында Елизавета Бьюмдун чыгармачылыгы өзгөчө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Токуучу кыз



Көпөлөк кармап жаткан кыз

мааниге ээ. Анын «Балдар турмушунан силуэттер» аттуу белгилүү китеби басылып чыккан. Мына ушул китептен тартылган айрым графикалык сүрөттөрдү көрүшүбүз мүмкүн.

Кийинчерээк, XX кылымда кара силуэттүү сүрөттөрдү тартууну сүрөтчү Я.С. Кругликованын көңүлүн өзүнө тартат.

Графикалык сүрөттө тынч, ойлуу абалдарды чагылдыруучу пейзажды сүрөттөөдө, албетте, тегиз, тынч, айлана сымал, сынык, кыйшык сызыктардан пайдаланылат. Дарактын образын сүрөттөөдө



Дарак пейзажы



Дарак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

вертикаль жана горизонталь абалдагы сызыктардын жардамында анын шак-бутактары, сөңгөк формалары чагылдырылат.



Карагайлар. Тушь, перо



Алма дарагы. Тушь

Эми толкундандыруучу олуттуу көрүнүштөгү пейзаж композициясын сызык жана ак-кара стилде сүрөттөөнү үйрөнөбүз.

Бул «Карагайлар», «Алма дарагы» тушта тартылган композицияны аткарууда сызык жана жарык-көлөкөнүн түрдүү формаларынан калыңдаштырылган сызыктар жана алардын түрдүү багыттарынан пайдаланылган.




Эгилген кайыңдар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Албетте, графикалык сүрөт тартуу үчүн тынч абалды чагылдыруучу кооз жай тандалат. Сүрөттөлүүчү кооз жайды көңүл коюп байкап, кийин чийүүгө аракет кылабыз. Биз табияттын кооз көрүнүшүн баскычтуу сызуу аркылуу жүзөгө ашырабыз.



**Биринчи баскычта** – көрүнүштүн сүрөтүн кагазга жардамчы сызыктар аркылуу туура жайгаштырабыз. Сызыктуу композициянын көрүнүшү даяр болгондон кийин, аны дагы бир жолу натура менен салыштырып көрүлөт. Аныкталган кемчиликтери оңдолот.

**Экинчи баскычта** – көрүнүштүн жарык-көлөкө жерлери аныкташтырылып, жеңил сызыктар аркылуу штрихтер жүргүзүлөт.

**Үчүнчү баскычта** – көрүнүштүн ачык-каралжын жерлериндеги түстүү катышы аныкташтырылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төртүнчү баскычта** – көрүнүштөгү дарактардын көлөмдүүлүгү, характерлүү жерлери, көлөкөлөрү, алардын арасындагы өз ара байланыштар акырына жеткизилет. Калың көлөкөлүү жерлери кочкулдаштырып жалпылаштырылат.



Сабактын акырында балдар тарткан сүрөттөрдүн көргөзмөсү уюштурулуп, алар талдоо кылынат.



1. Ак жана кара түстөр бирикмеси кайсы искусство түрүнө кирет?
2. Графика кандай маанини билдирет?
3. Силуэт деген эмне жана ал качан пайда болгон?



**Тапшырма.** Ак жана кара түстөрдөн натюрморт композициясын иштөө.

## 5-сабак. ТЫНЧ, ОЙЛУУ АБАЛДАРДЫ ЧАГЫЛДЫРУУЧУ ПЕЙЗАЖДЫ СҮРӨТТӨӨ

Сүрөт өнөрүндө табият көрүнүштөрүн чагылдыруучу жанр – бул **пейзаж**. Анда, негизинен, табият, тоо, көл, талаа жана шаар көрүнүштөрү чагылдырылат. Пейзажчы сүрөтчү өз чыгармалары аркылуу табиятка болгон ой-сезимдерин, тынч, ойлуу абалдарын чагылдырат. Сүрөт өнөрүндө пейзажчы сүрөтчүлөр: А. Саврасов, И. Шишкин, И. Левитан, У. Тансыкбаев, Н. Карахан, Р. Темиров, Г. Абдурахманов жана башкаларды көрсөтүү мүмкүн.

Пейзаж жанры бир топ татаал болгондугу себептүү, алгач, табияттагы кээ бир көрүнүштөрдүн өзүнчө бөлүктөрүн, кандайдыр бир бөлүгүн өзүнө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*У. Тансыкбаев.* «Алай»

карап сүрөттөө чындыгында пайдалуу. Мисалы, дарактын сөңгөгү, өркүн, шак-бутагы жана башкаларды тартуу мүмкүн.

Мында нерселердин характерлүү белгилери, бөлүктөрдүн катышы, багытын туура сүрөттөөгө аракет кылуу керек. Кийинчерээк болсо, кандайдыр бир даракты асмандагы булуттар менен биргеликте тартуу сыяктуу милдеттерди аткарып, акырындык менен бир бүтүн пейзаж көрүнүшүн сызууга өтүлөт. Мындай иштерди адегенде калем, кийин боёкто аткаруу керек. Пейзажды иштөөдө жакын, орто жана алыстагы нерселер, негизинен, үч көрүнүштө жайгаштырылат.

Жакын көрүнүштөгү нерселерди аныгыраак, алыстагы нерселерди ачыгыраак сызылат. Бул көрүнүштөрдү туура сүрөттөө үчүн, алгач, пейзажды кылдаттык менен байкоо жана аны сүрөттөгөндө алыстагы нерселердин жакындагыга караганда кичине болушун эсепке алыш керек жана аба перспективасы эрежеси боюнча, алыстагы нерселер түр жагынан жакындагыларга караганда күңүртүрөөк жана ачыгыраак көрүнөт.

Табияттын кээ бир абалдарын сүрөттөө үчүн, алгач, көрүү чекити жана горизонт сызыгы каерден алгандыгын кагаздын бетинде аныктап алынат. Сүрөттүн композициясын туура табыш үчүн, тартылып жаткан пейзажды чектөөчү рамка формасындагы курулмадан (картон же



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*С. Рахметов.* «Эс алуу багында күз»

кагаздан жасалган атайын аспап) пайдалануу мүмкүн. Композициясы табылгандан кийин аны кагазга жеңил-желпи сызыктар менен сызууга өтүлөт. Мында жакын жана алыстагы пейзаждардын жайгашуусу, өлчөмдөрү, характерлүү белгилери, катыштары жана башка өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүнөт. Боёкто аткаруу учурунда негизги көңүл табияттагы түстөрдүн тегеректеги башка нерселердин түсүнө таасир этишине, композиция колоритинин бүтүндүгүнө каратылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






Түрдүү абалдагы пейзаж



1. Пейзажчы сүрөтчүлөрдөн кимдери билесиңер?
2. Пейзаж жанры сүрөт өнөрүнүн кайсы түрүнө таандык?
3. Пейзажды сүрөттөөдө эмнелерге көңүл бөлүү керек?



**Тапшырма.** Табияттын кандайдыр бир абалын сүрөттөө.

## 6-с а б а к. КӨЛӨМ – АЙКЕЛЧИЛИКТИН НЕГИЗИ. АДАМ АЙКЕЛИН ЖАСОО

Айкелчилик (скульптура) өнөрүнүн байыркы үлгүлөрү элдин тарыхын, турмуш шартын өзүндө чагылдырган,

Эрабыздан мурдагы V–IV кылымдардагы скульпторлор жыгач, таш, мраморго иштөө беришти жакшы өздөштүрүшкөн, ошондой эле бронзаны эритип куюу технологиясын жолго коюшкан. Мрамор



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

айкелдерди адамдын денесинин ыраңындай кылып боёшкон. Жыгачтан иштелген айрым айкелдердин үстүнө адам денесинин ыраңын берүүчү пилдин сөөгүнөн иштелген жука пластинкалар жабыштырылган. Айкелдер тирүүдөй, дем алып жаткандай кылып иштелген. Эрабыздан мурдагы V кылымга келип айкелчилер адамдын тулку боюнун кыймыл-аракет кылып турган абалдарын сүрөттөөнү үйрөнүштү. Алар адамдардын жүгүргөн, найза сайган же согушкан абалын сүрөттөп көрсөтүшкөн. Белгилүү грек скульптору Мирондун «Диск ыргытуучу» чыгармасы ар тараптуу чебердик менен жаратылган, аны көргөн адам таң калат. Грек тарыхында айтылышынча, Афродита сулуулук жана сүйүүнүн смиволу. Муну Афродитага арналган айкелдерден көрөбүз. Алар назиктиги, сулуулугу менен көрүүчүлөрдү өзүнө тартат. Айрыкча «Милос Афродитасы» айкели өзгөчө көңүл бөлүүгө ылайыктуу. Эң байыркы элдерден – индустар өздөрүнүн дини, Буддага таандык миңдеген айкелдерди жаратышкан.

Микеланжело Буонаротти айкелчилик, архитектуралык, сүрөтчүлүк жанрларында чыгармачылык кылып, көркөмдүк жактан татынакай чыгармаларды жараткан. Кайтадан жаралуу доорунун улуу чебери Микеланжело 1475-жылы 6-мартта Флоренциянын жанындагы Капрезе шаарчасында дүйнөгө келген. Анын жаш кези Флоренцияда өттү. 13 жашында ал Флоренциялык Доменико Гирландайо устаканасына окууга кирет. Микеланжелонун биринчи өз алдынча иштеген чыгармасы «Тепкич жанындагы Мадонна» (1492-ж. Флоренция, Буонаротти музейи) «Кентаврлар урушу» (1494-ж. Флоренция, Буонаротти музейи), Римде жаратылган «Пуэте» (Исага аза тутуу. 1498–1501-жылдар) айкели ага чыныгы атак-даңк алып келет.

Микеланжело тарабынан 1504-жылда жаратылган жана Флоренциянын башкы аянтына орнотулган «Давид» айкели «азыркы замандагы байыркы грек жана рим айкелдеринин атак-даңкын алып коё алган чыгарма», бул чыгармасында табияттын эң сулуу керемети – адамдын тулку-бою экендигин, анын кайталангыс сулуулугун, күч-кудуретин чагылтууга жетишкен.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгемендүүлүк доору айкелчилик өнөрүнүн таасирдүү жанрын да иштелген алгачкы тарыхый чыгармалары катарында Чырчык шаарынын борбордук көчөсүндө жана борборубуздун Улуттук багында орнотулган улуу акын Алишер Наваий образына иштелген эстеликтерди (Е. Алиев, Н. Банделадзе, В. Дегтяров, 1991-ж), 2001-жылда Наваий шаарынын борборунда улуу акындын 560 жылдыгы менен А. Рахматуллаев жана П. Подосинников тарабынан жаратылган Алишер Наваийнин айкели, Ташкент шаарынын скверинде орнотулган Амир Темурдун атчан айкели (И. Жаббаров, К. Жаббаров, 1993-ж.), Сахибкырандын ата журту Шахрисабз жана Самарканд шаарында орнотулган Амир Темурдун айкелдери (И. Жаббаров, К. Жаббаров, 1996-ж.) Фергана жана Хива шаарларында орнотулган Ахмад ал-Ферганийнин айкелдери (И. Жаббаров, К. Жаббаров, 1998-ж.), Хорезмде Жалолиддин Мухаммад Мангуберди эстелиги (И. Жаббаров, 1998-ж.), Андижан шаарына орнотулган «Захириддин Мухаммад Бабур» (Ж. Миртажиев, 1993-ж.),



*Ж. Миртажиев.* Алишер Наваий. Токио ш.



*Ж. Миртажиев.* Айбек айкели. Ташкент ш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ташкент шаарында орнотулган «Абдулла Кадырий» (Ж. Миртажиев, 1994-ж.). Андижан шаарында орнотулган «Чолпон» (Ж. Миртажиев 1997-ж.), Термиз шаарында курулган эпикалык каарман Алпамыштын символикалык айкели (А. Рахматуллаев, К. Нархорозов, У. Мардиев, П. Подосинников), Наманган шаарында курулган «Захириддин Мухаммад Бабур» (М. Рахмонбердиев 1998-ж.) эстеликтерин айтып өтүү керек.

Илхам Жаббаров 1945-жылы Чуст районунун Олмос кыштагында туулган. Өзбекстан Көркөм академиясынын мүчөсү. Айкелчиликтин салттарын академик И. Жаббаров жана Х. Хусниддинхожаев, Я. Шапиро, Е Алиев, Ж. Куттимурадов, Т. Тажыхожаев, А. Рахматуллаев, М. Аблакулов, Д. Рузибаев, А. Хатамов, Г. Нормурадов, У. Ороков, Т. Эсанов, М. Рахманбердиевдер тарабынан ийгиликтүү улантылууда. Өнөрдүн назик аракеттери, пластика аркылуу айбаттуу айкелчиликтин композициялык эрежелери негизинде көрсөтүлүүдө.

Бронзадан иштелген 8 метрлүү Амир Темурдун айкели көлөмү жагынан да орнотулган аянтка ылайык түшкөн. Ушул айкелди скульптор И. Жаббаров архитектор В. Акопжанян менен камкордукта иштеген.



*И. Жаббаров.* Амир Темур айкели



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*И: Жаббаров, К. Жаббаров.*
Низами Ганжавий бюсти.
Ташкент ш.

Амир Темур аттын тизгинин бекем кармап турганынын да символикалык мааниси бар. Бул аттын эмес, улуу бир мамлекеттин тизгини. Анын ой-пикири мамлекетте тынчтык болсун, журт гүлдөп-жашасын, – деп тургандай...

Низами Ганжавийнин бюсти Ташкент мамлекеттик педагогика университетинин алдындагы аянтта жайгашкан (1148–1209). Аны айкелчилер И. Жаббаров жана К. Жаббаровдор иштешкен.

Айкелчилик салттарын уланткан Яков Шапиро болсо, 70-жылдардын акыры, айрыкча, 80-жылдарда Өзбекстанда көптөгөн рельефтердин автору, Космонавттар проспектисиндеги айкелчилик комплекси «Жаныбеков» айкели, Сиэтл шаары үчүн иштелген долбоору менен (эскизи Бабур эс алуу багынын алдында орнотулган) көпчүлүккө таанылган.

## АДАМДЫН АЙКЕЛИН ЖАСОО

Адамдын тулку боюн толук иштөө үчүн, айкел 20 см ден ашык болсо, анын боштукта жайгашуу өлчөмдөрү эсепке алынып, сымдан көөдөндүн катыштары эсепке алынып, схемалык каркасы даярдап алынат. Алгач «Г» тамгасын эстетүүчү темир кармооч («глогол») каркас даярдалат. Темир кармоочтун ылдый жагы тоголок же үч бурчтук формасында болуп, ал мурдатан даярдалган тактайга бекемделет.

Адамдын тулку боюнун каркасын даярдоодо желкеден жамбаш сөөгүнө чейин болгон аралык үч бурчтук формада кылынат. Мына ушул үч бурчтуктун ортосунан жогоруга тик сым чыгарап, тулку бойдун баш бөлүгү башталуучу жайда түйүп коюлат. Каркастын таяныч аяк бөлүгү тактайга бекемделет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Аялдын айкелин жасоо

Каркастарга ылайды жабыштыруу, бекемдөө үчүн жыгачтан даярдалган балкачалардан, айрым абалдарда төрт бурчтук рейкалардан пайдалануу орундуу эсептелет.

Айкелчилик машыгууларында пластилин, ылай жана шамоттон айкелдер жасоо үчүн катуу жыгач жана сымдан даярдалган стектер иштетилет. Алардан артыкча ылайды алуу, кичине жана назик деталдарды иштөө үчүн пайдаланылат. Даярдалган стектерде ылай жана пластилин жабышып калбастыгы үчүн, алгач алар наждакталып, кийин олиф же лак менен жакшылып сиңдирилет.

Машыгуу жараянында көбүрөөк стектер менен эмес, колдун бармактары менен иштөө керек, анткени кол көлөм, кыймыл-аракетти сезүү, аны сүрөттөй алуу тажрыйбаларын формалоодо негизги милдетти аткарат.

1. Өзбек жазуучусу Айбектин айкелинин автору ким?
2. Амир Темурдун айкели каерде жайгашкан?
3. Айкел жасоо үчүн каркас кандай даярдалат?

**Тапшырма.** Пластилинде адамдын тулку боюн чагылдыруучу кандайдыр бир абалды жасоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 7-с а б а к. АЙЛУУ ТҮНДӨГҮ ЖЕ КҮНДҮН БАТЫШ ЧАГЫНДАГЫ ДАРАКТЫ СҮРӨТТӨӨ

Шамалсыз, тынч, ысык түн. Айлана жымжырт. Асманда толгон Ай нур чачып, бүткүл талаага жарык берип турат. Суу бетинде айдын шооласы көлдү көгүш, сары, алтын түскө боёп, кулпуруп турат. Дарактар бир-бири менен акырын шыбырашып, уйкулуу түндүн тынчтыгына кулак салгандай.

Эми ушул көрүнүштү кагазда сүрөттөөгө өтсөк. Ал үчүн сүрөттүн негизги сүрөт чечимин табуу керек. Сүрөт өнөрү тилинде табияттын көрүнүшүн сүрөттөө дегени – көл, Ай, дараказар – мунун бардыгы бир бүтүн көрүнүштү түзөт.

Табияттын сулуу пейзажын сүрөттөө кыйын экендигине карабай, сүрөтчү өзүнүн пикирин бизге чебердик менен жеткизе алган. Булуттун арасынан чыккан Ай суунун бетине шоола чачып, кыргактар кызыл коңур түскө боёлуп, алдыңкы көрүнүштөгү дарактар коюу боёктор



*Г.Абдурахманов.* «Айлуу түн»





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Н. Козибаев.* «Күндүн батышы»

менен боёлгон. Бардыгы өз ордун таап, аба, боштук, жай өзгөчө көңүл коюу менен көрсөтүлгөн.

Сүрөттү гуашь же акварель боёктору менен сүрөттөө жана алар менен табият пейзажын сулуу жана мазмундуу кылып тартуу мүмкүн.

Өзбекстанда эмгек сиңирген тарбиячы, белгилүү живопись устасы Гафур Абдурахмановдун өзбек сүрөтчүлүгүнүн өнүгүшүнө кошкон салымы чоң. Ал Ташкент районунун Келес кыштагында дүйнөгө келген. 1955-жылы П. Беньков атындагы көркөм окуу жайын бүтүргөн. Ал жерде М. Набиев, Х. Рахманов, Т. Оганесов сыяктуу устаттардан сабак алган. Кийин Ташкент Театр жана сүрөтчүлүк институтун профессор Р. Ахмедов устаканасы боюнча бүтүргөн. Г. Абдурахманов живопись искусствосунда берекелүү чыгармачылык кылды. Анын чыгармаларындагы характерлүү өзгөчөлүгү, ал натуранын чексиз мүмкүнчүлүктөрүн толук ээлөөгө аракет кылды. Сүрөтчүнүн чыгармачылыгында этюддар өзүнчө орунду ээлейт. Табиятта болуп туруучу жараяндар, түрдөнүү жана өзгөрүүлөр, бир абалдан экинчи абалга өтүү, жарык – көлөкөнүн таасиринде болгон назик айырмаларды ылгап, сүрөттө жандандыруу сүрөтчүдөн талант жана жөндөмдү талап кылат.

1. Айлуу түндөгү же Күндүн батып бара жаткан чагындагы даракты сүрөттөөдө эмнеге көңүл бөлүү керек?
2. Сүрөттөөдө кандай түстөрдөн пайдаланылат?
3. Сүрөтчү Г. Абдурахмановдун «Айлуу түн« деген чыгармасын мүнөздөп бергиле.

**Тапшырма.** Күн батып бара жаткан чактагы пейзажды сүрөттөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 8, 9-с а б а к т а р. ЖИВОПИСТИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### (чыгарманы көркөм өздөштүрүү негизинде)

Кылымдар бою окумуштуулар түстөр жөнүндө өтө көп илимий изилдөө иштерин алып барышууда. Алишер Наваий, Абу Райхан Беруний, Абу Али Ибн Сина, Камолиддин Бехзод, Фирдавсий, Захириддин Мухаммад Бабур сыяктуу дүйнөгө белгилүү окумуштуулар түстөрдүн тұрлөрү, маанилери, инсандын саламаттыгына таасири жана башкалар жөнүндө өтө көп чыгармаларды жазышкан.

Абу Райхан Беруний өзүнүн «Китоб ал-Жавохир – маърифат ал-Жавохир» (Минералогия) чыгармасында 200 жүздөн ашык аттарын санап өткөн жана бул түстөрдүн келип чыгышы жөнүндө жазган. Чыгышта окумуштуулар, акындар, сүрөтчүлөр, оймокерлер ж.б. түстөрдүн жүздөн ашык түрүн ажырата алышкан жана алардын аттарын, а түгүл, ар бир түстүн символикалык маанисин билишкен. Алардан бизге чейин жетип келген кээ бир үлгүлөр менен таанышып



Түстүү айнектер аркылуу пейзажды өздөштүрүү




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чыгабыз: капуста жалбырагынын түсү, бинапша, буудай ирең, боор ирең, күрөң, көк, изумруд (зымырыт), боз, жашыл, жоогазын түс, ачык көгүш, маш буурчак ирең, ак, кызгылт, сары, кызгылт көк, асман ирең, ачык боз, ачык күрөң, бирюза, кызыл, ачык кызыл, кара кочкул, кара, каралжан, кара жүзүм ирең, ачык-көк, анар ирең, жалбырак ирең, бака ирең, гүлгүн, алтын ачык-сары,көгүш, күңүрт, мала кызыл, сабиз ирең, сурьма, от ирең, алтын, түс, кызгылт сары жана башкалар.

Түстөрдүн таасирин, бир көрүнүштөгү пейзажды жашыл, сары, кызыл жана башка түстүү айнектер аркылуу байкап, аны инсан кандай сезишин жана өздөштүрүүсүн биринчи болуп И. Гёте үйрөнгөн. И. Ньютон биринчи жолу оптикалык призма аркылуу жиберилген жарык түстүү нурларга айлангандыгын далилдеди жана аны илимий жактан түшүндүрүп, спектр түстөрүн жети бөлүккө бөлүп, аны айлана



Ак жарык нурдан спектр түстөрүнүн бөлүнүшү




1. Негизги түстөр. 2. Кошумча түстөр. 3. Түс айланасы (24 түрдүү түс)




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Түстүү спектр

формасында жайгаштырды. Түстөрдү белгилөө үчүн анын колдонгон терминологиясы анык. Ошентип, Ньютондун мындай изилдөөсү бизди түстөрдүн физикалык табияты жөнүндө анык элестөөгө ээ кылат. Ал жарык нурдан спектр түстөрүнүн айырмаланышын тапты. И. Ньютон спектрдеги жети түстү аныктады.



Жылуу гаммадагы натюрморт. Гуашь



Муздак гаммадагы натюрморт. Гуашь



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Спектр түстөрү.** Кызыл, кызгылт сары, сары, жашыл, көгүш, көк жана кызгылт көк түстөр спектрди пайда кылат. Спектр түстөрү ар дайым көрсөтүлгөндөй биринен кийин бири жайгашат.

Түстөрдүн айланасы эки бөлүккө бөлүнөт – жылуу жана муздак түстөргө.

**Жылуу түстөргө** – кызыл, сары, кызгылт сары түстөр кирет. Булар күнгө, отко окшоп, табиятта жылуулукту көрсөтүүчү түстөр эсептелет.\

**Муздак түстөргө** – көк, көгүш, жашыл, кызгылт көк, көк-жашыл жана алардын аралашмасынан пайда болгон түстөр кирет. Муздак түстөр элесибизде муздак нерселер сыяктуу – муз, кар, суу, ай нуру сыяктуу жана башкалар.

**Түстүн негизги өзгөчөлүктөрү катары түстүн оттеногу, ачык-кочкулдугу жана каныккандыгы эсептелет.**

Буюмдардын жердик түсү делгенде анын нукура түсү түшүнүлөт.



*Н. Кашина.* «Жай мөмөлөрү»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Түстүн оттеногу.** Биздин аң-сезимибизде түстүн кошумча түрү жакшы тааныш болгон буюмдардын түсү менен шайкеш келет. Түстөрдүн көптөгөн аттары табияттагы нерселердин түстөрүнөн, кум, деңиз толкуну, изумруд, шоколад, бермет, малина, алча, каймак түстөр жана башкалардан алынган.

Түстөрдүн атын чагылдыруучу, башкача айтканда алардын бирин кызыл, экинчисин көк, үчүнчүсүн сары деп аталышына негиз болгон белги түстүн **оттеногу** делет. Күндүзгү табигый жарыкта инсандын көзү 180 ге жакын түс оттенокторун жана 10 го жакын каныккан даражасын ажырата алат. Жалпысынан алганда, инсандын көзү 360 ка жакын түстөрдү айырмалоого жөндөмдүү экен.

**Түстөрдүн каныккандыгы.** Түстүн каныккандыгы дегенде, боз түстүн ачык-каралык даражасы, түс менен тең болгон айырмасы элестетилет. Боз түскө караганда түстүүлүк даражасынын тазалыгын түшүнүү керек.

Эгерде кандайдыр бир түскө боз түстөгү боёкту кошсок, анын түсү күңүрттөнүп өзгөрөт.



1. Түстүн негизги өзгөчөлүктөрү эмнелер?
2. Жылуу жана муздак түстөрдүн аттарын айткыла.
3. Спектр түстөр канча жана алардын аттарын айтып бергиле.
4. Негизги түстөргө кайсы түстөр кирет?
5. Түс оттеногу деген эмне?
6. Түстүн каныккандыгын кандай түшүнөсүңөр?



**Тапшырма.** Муздак же жылуу түстөрдө натюрморт же пейзаж иштөө.

## КАРТИНАНЫ КӨРКӨМ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

Сүрөт өнөрү чыгармалары аркылуу картинаны көркөм өздөштүрүүнү түзүүдө сүрөтчүлөрдөн У. Тансыкбаев, Р. Ахмедов, З. Инагамов, Р. Худайберганов, Б. Бабаевдердин чыгармачылыгы чоң мааниге ээ. Мисалы, Октам Саидовдун «Акташ таштары» аттуу сүрөтүн талдоо, төмөндөгү суроолор аркылуу алып барылат.


1. Картинада кайсы мезгилге тиешелүү болгон көрүнүш сүрөттөлгөн?

2. Сүрөтчү картина аркылуу биздин көңүлүбүздү эмнеге караtat?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*О. Саидов.* «Акташ»



*Ш. Козиева.* «Гүлдөр»



*Р. Худайберганов.* «Хажар апа»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Б. Бабаев.* «Бейкут күн»

3. Картинанын алдыңкы катарында эмнелер сүрөттөлгөн?

4. Картина композициясынын түзүлүшү, андагы нерселер катыштары кандай?

5. Картинадагы нерселер кандай сүрөттөлгөн?

6. Сүрөтчү сүрөт аркылуу Акташ таштарынын көрүнүшүн кандай даражада түшүндүрүп бере алган?

7. Пейзаж турмуштагыга жакын сүрөттөлгөнбү?

8. Картинада аба перспективасы түстөрдө кандай чагылдырылган?

9. Картинада горизонт сызыгы  каерден өтөт?

10. Картина силерге кандай сезим жана ой-пикирлерди ойготту?

Р. Ахмедов, Р. Худайберганов, Б. Бабаевдердин чыгармачылык сүрөт өнөрү чыгармаларын көркөм өздөштүрүүдө, жогорудагы суроолор сыяктуу алып барылат.

**Тапшырма.** Сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынан көчүрмө алуу жана алар жөнүндөгү маалыматтарды табуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## 10-с а б а к. ЖИВОПИСЬ ЖАНА ГРАФИКАДА ПЕЙЗАЖ. ПЕЙЗАЖ ЖАНРЫНДАГЫ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ТАЛДОО ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШ

**Живопись чыгармалары** – композиция, б.а. чыгармадагы нерселердин формасы, түзүлүшү, өз ара байланыштуулугунун туура чагылдырылышы; колорит – түстөрдүн шайкештиги; ритм – чыгарманын композициялык бөлүктөрү тегиз, динамикалык абалда кайталанышы; түс контрасты – бирдей түстү өзүнүн айланасындагы түстөргө ылайык келүүсү, түс перспективасы сыяктуу сүрөттөө каражаттары негизинде жаратылат.



*М.Кагаров.* «Өзбекстаным»



*Т. Мухамедов.* «Өзбек эл жомоктору жана уламыштарына» тартылган иллюстрация



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Р. Ахмедов.* «Акташ»


Живопись чыгармаларын жаратууда сүрөтчү түрдүү боёктордон – май боек, акварель, гуашь, пастель, темпера, түстүү калемдерден пайдаланышы белгилүү.

**Графика** искусствосуна жөнөкөй кара калемде тартылган сүрөт, темалык композициялар, китептин ички жана тышкы тарабына иштелген түрдүү көркөм сүрөттөр, этикеткалар, ар түрдүү маркалар кирет. Графика искусствосу, негизинен, түрдүү узундук жана калыңдыктагы сызыктар же ак-кара боёктордун жардамында чагылдырылат. Графика искусство чыгармалары көлөмү жагынан анча чоң болбой, көпчүлүк абалдарда кагазга иштелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ж. Умарбеков.* «Туюк көчө»
Ташкент

Графика төрт түргө бөлүнөт: станоктуу графика, газета-журнал графикасы, плакат жана прикладуу графика.

Т. Мухамедов китеп коосдоочу сүрөтчү катарында миниатюра жанрындагы көп көрүнүштүүлүк өзгөчөлүктөрүн «Өзбек элдик жомокторуна» тарткан сүрөттөрүнөн көрүүгө болот. Мына ушул тартылган сүрөттөр сүрөтчүгө чоң даңк алып келген.

Сүрөтчү элдик жомоктордо чыгыштын жашоо шарты, пейзажы, имараттары, кийимдери жана чөйрөнү жеңил сызыктарда, түс оюндары жана коосдоо аркылуу бере алат.

Станоктуу графика чыгармаларды атайын аспаптарда, мольберттерде калем, көмүр, тушь, акварель, темпера, гуаштарда иштелет. Бул искусство чыгармалары да портрет, натюрморт, пейзаж жанрларында жаратылат.

Урал Тансыкбаев Орто Азияда пейзаж жанрына негиз салган, анын ар бир мезгилдеги чыгармачылыгы өзүнө мүнөздүү классикалык сүрөт өнөрү тарыхына айланган. Убакыт өткөн сайын, ал жараткан сейрек чыгармалардын кадыр-баркы ашып барууда. Пейзаж искусствосунун Өзбекстанда калыптанышы жана чокуга көтүрүлүшүндө, бул сүрөтчү жетишкен даража ушул күндө да мектеп үлгүлөрүнөн бири болуп калууда.

Плакат устасы Н. Тен өз чыгармаларында турмуштук жана экологиялык темаларды жарытат. Анын чыгармаларындагы пикирди эч кандай проблемасыз аныктоо мүмкүн. Буга мисал катарында «Арал» көрүнүшү маселесине арналган плакат далил болот. Табиятты коргоо, анын байлыктарын, жаныбарлар ааламын асыроо бүгүнкү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күндө маанилүү, актуалдуу маселеге айланган.

**Пейзаж** – белгилүү бир жайдын көрүнүшү, сүрөтү бул сүрөт өнөрү жанры болуп эсептелет. Пейзажда табият, деңиз көрүнүштөрү, дараказрлар, кырар, шаар жана кыштактардын көрүнүшү, жалпысынан түрдүү жерлердин сүрөтү аркылуу адамдын ой-сезимдери көркөм образдарда жаратылат. Пейзаж орто кылымдарда Кытай, Япония, Кайра Жаралуу доорунда болсо Европада өнүктү. Өзбекстанда У. Тансыкбаев пейзаж жанрындагы укмуштай чыгармалары менен белгилүү.


Сүрөтчү Н. Г. Карахан тарткан табият пейзаждары декоративдүүлүгү, түстөрдүн Чыгышка мүнөздүүлүгү менен ажыралып турат. Пейзажчы сүрөтчүлөр Урал Тансыкбаев, Николай Карахандардын табият, турмуш сулуулуктарын даңктоочу чыгармаларынын борборунда ачык түстөрдө ой-сезимдер менен толгон нурлар аркылуу картиналар жанданган.

Өзбекстанда эмгек сиңирген П.П. Беньков өз чыгармалары менен өзбек сүрөт өнөрүнө салмактуу салым кошкон сүрөтчү.

Павел Петрович Беньков күнөстүү, берекелүү өлкөбүздү сүйүп калган жана өмүрүнүн акырына чейин




*Н. Тен.* «Арал»



*П. Беньков.* «Короо»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*У. Тансыкбаев.* «Кечки убак»

ушул жерде калып, чыгармачылык кылды. Ал жараткан сүрөттөрдүн ар бириндe республикабыздын сулуу табияты, өзбек элинин турмушу жана эмгеги сүрөттөлгөн.

Өзбекстандын сулуу табияты белгилүү сүрөтчү Урал Тансыкбаевдин чыгармачылыгында борбордук орунду ээлейт. У. Тансыкбаевдин чыгармачылыгы, негизинен, Орто Азиянын сулуу жана назик табият пейзаждарын май калемдин жардамында чагылдырууга каратылган. Анын «Ысык-Көл кечи», «Өзбекстанда жаз», «Кайраккум ГЭСинин таңы», «Өрүк гүлдөөдө», «Күз таңы» сыяктуу көптөгөн чыгармалары сүрөтчүнүн пейзаж көрктүү искусствосунун чебер устасы катары дүйнөгө таанылды. Урал Тансыкбаевдин «Кечки убак» деген чыгармасына назар салсак, көрүүчүнүн көз алдына гүлдөп-өсүп жаткан өзбек жергеси, анын дилге дем берүүчү табияты, адам эмгеги менен бакка айланып жаткан жерлер элестелет.

Өзбек улуттук живопись мектебинин белгилүү сүрөтчүсү Гафур Абдурахмановдун көп чыгармаларында пейзаж жанрына кайрылышы, анын пейзаж жанрына карата кызыгуусу калыптанганынан дарек берет.

Сүрөтчүнүн жараткан композициялары кең көлөмдүүлүгү жана түрдүү-түстүүлүгү менен өзүнчө ажыралып турат. Булардан, айрыкча,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Ыр» чыгармасын көрсөңөр, табияттын суктандыруучу обондору менен инсандын жүрөгүндөгү сезимдер куюлушуп жаңырганын уккандай болосуң. Жаз гүлдөрү төшөлгөн кырлар, ага жарашыктуу кыздардын назик аракети, тоо чокулары, ошондой эле, алыстагы булуттардын бир-бири менен үзгүлтүксүз боёктордо сүрөттөлүшү адамды өзүнө сыйкырлап коёт. «Бакмалдагы таң» аттуу пейзажында болсо, табияттын

1.


2.


3.



4.


5.


6.

Чыгармачылык иш аткаруунун баскычтары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаңыланышы сүрөттөлгөн. Сүрөттө эрте таңдагы жандануу, ааламдын ойгонуп жаткандыгы даана сезилип турат. Бул чыгармалар көрүүчүдө жакшы маанайды ойготушу менен бирге, эс алышына да жардам берет. Табиятка богон сүйүүнү ойготуп, эстетикалык ыракат берет. Сүрөтчүнүн чыгармачылыгында пейзаж жанрына болгон кызыгуусун анын этюддарында көрүш мүмкүн.



1. Сүрөтчү Рахим Ахмедовдун «Акташ» чыгармасын талдагыла.
2. Экологиялык темага арналган чыгарманы талдагыла.



**Тапшырма.** Класста калемде тарткан пейзажды түстөргө боёгула.

## 11-сабак. ТАБИЯТТЫН ОБРАЗДУУ ПЕЙЗАЖЫН ИШТӨӨ

Табияттын образдуу пейзажын иштөө үчүн, алгач калемдин жардамында анын өзүнчө бөлүктөрү сызып алынат. Сүрөттүн мазмундуу жана таасирдүү болушу үчүн пейзаж элементтери – дарактар, булуттар, тоолор, жердин түзүлүш формалары тартылат. Ошондой эле, пейзажды тартууда табиятты кылдаттык менен үйрөнүп чыгуу талап кылынат.

Сүрөтчү А. Муминовдун «Бороондуу күн» чыгармасында табият образынын бир көрүнүшүн көрсөтүшүбүз мүмкүн. Табияттын образдуу пейзажын тартууда сызыктуу жана кеңдик перспектива эрежелерине көңүл бөлүү керек. Ар бир нерсе алысташкан сайын кичирейип, абада көрүнбөй, күңүрттөнөт, алардын көрүнүшү, сызыктары, жарыгы, түсү өзгөрөт. Табияттагы нерселер бизге канчалык жакын болсо, алар ошончолук анык жана ачык-айкын көрүнөт.

Пейзажды өлчөмүндө сүрөттөп берүү чоң мааниге ээ. Пейзаж күндүз, эртең менен же кечкурун өз көрүнүшүнө ээ. Эртең менен айлана кээде түтүн менен капталгандай болот. Демек, эртең мененки пейзажды тартканда арткы көрүнүшү бир аз күңүрттөнүп сүрөттөлөт. Алдыда жайгашкандардын түзүлүшүн бир аз анығыраак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*А. Муминов* «Бороондуу күн»



Пейзаж этюду. «Күндүн батышы»



Пейзаж этюду.
«Булуттуу асман»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кылып тартуу керек. Кечкурун болсо, тескерисинче, асмандын фонунда бардык нерселердин түзүлүшү аныгыраак көрүнөт. Аба булуттуу болгон күндө жер, андагы нерселер менен бирге асман күңүрт жана карараак болуп көрүнөт.

Табияттын образдуу пейзажын тартууда же анын кандайдыр бир бөлүгүн сүрөттөөдө өзүнчө эрежелер жок. Пейзажды сүрөттөө да башка нерселердин чыныгы нускасын тартуу сыяктуу аткарылат.





*Р. Халилов.* Этюд. «Ачык аба»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Табият пейзажын баскычтуу сүрөттөө

Табият образынын таасирдүүлүгүн ашыруу, анын анык абалын чагылдыруу максатында ишти контрастуу же жумшак, жылуу же муздак, ачык же кочкул, даана же жалпылашкан түрдө аткаруу мүмкүн. Жандуу иабиятты туюу, анын көркөмдүгүн түшүнүү, ошондой эле, ага кызыгуучулук ар бир табият образынын пейзажын сүрөттөөнүн чечимине критерий болот.

Анткени, табият ар дайым чыгармачылык изденүүлөр, сулуулук туйгусун өстүрүү булагы болуп келген.



1. Табият образынын пейзажын сүрөттөөнүн негизги шарты эмнеде?
2. Табият образынын пейзажында аралык кандай каражаттар жардамында берилет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Табият образынын пейзаждагы сүрөтү деп эмнеге айтылат?

**Тапшырма.** Кандайдыр бир табият образынын пейзажын сүрөттөп келгиле.

## 12-с а б а к. ЧЫГЫШ ШААРЫ СҮРӨТҮНҮН ЭСКИЗИН ИШТӨӨ

Самарканддагы Улугбек медресеси, Бухарадагы Мечит Калон, Хивадагы Ичан кала, Ташкент шаарындагы Көкөлдөш медресеси, Хастимам медресеси чыгыш стилинде иштелген тарыхый эстеликтер эсептелинет. Шаарыбызда азыркы күндө курулуп жаткан имараттар менен байыркы чыгыш имараттарынын арасында чоң айырмалар бар.

Чыгыш шаарын тартуудан мурда, өзүнчө имараттардын көрүнүшүн сүрөттөп, композиция түзүлөт. Шаардын композициясын тартууда




Темурилер тарыхы Мамлекеттик музейи. (А.Турдиев долбоору). Ташкент



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Баскычтуу чыгыш шаарынын көрүнүшү

эркин көңүлдө калган таасирлериңердин жалпы жайгашуусу сызыктар менен кагазга түшүрүлөт.

Шаар композициясынын эскизи калемде тартылгандан кийин, негизги түстөр тагы жана оттеноктору жылуу же муздак түстөрдө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

боёктор аркылуу берилет. Майда бөлүктөрү аныкталып, боёлот. Акырында жалпыланып бүтөт.

1. Чыгыш эстеликтеринен эсептелген – Улугбек медресеси каерде жайгашкан?
2. Эскиздер кандай аткарылат?
3. Чыгыш шаарынын эскизин сүрөттөөдө эмнелерге көңүл бөлүү керек?
4. Чыгыш стилинде курулган азыркы замандагы архитектуралык курулуштарды айтып бергиле?

**Тапшырма.** Чыгыш шаарынын композициясы боюнча чыгармачылык иш аткарып келгиле.

## 13-с а б а к. СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨ АНИМАЛИСТИК ЖАНР. МАЕК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК ИШ

Анималистик жанр – өзгөчө сүрөт өнөрүнүн түрү. Ал латынча «animal» – жаныбарлар дүйнөсү деген маанини билдирет. Анималист – сүрөтчү жаныбарлар дүйнөсүнө өтө кызыгуу жана чебердик менен жандашат.



Самарканд. Афросиёб. VI кылым. Дубалдагы сүрөттөр

Жаныбарлар дүйнөсү алгачкы адамдардын жашоосунда чоң мааниге ээ болгон. Ошол доордо алар үңкүрлөрдүн дубалдарында кийик, буйвол, мамонттордун сүрөттөрү тартылган.

Байыркы Япония жана Кытайда жаныбарлардын сүрөттөрү декоративдүү оюуларды, монументалдык композицияларды жаратууда негизги болуп эсептелет. XVII кылымга келип



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаныбарлар дүйнөсүнүн анатомиясын улуу сүрөтчүлөр Леонардо да Винчи жана А. Дюрерлер иштеп чыгышты.

Россияда биринчи анималист-сүрөтчү И. Гроот болчу. Кары скульптор жана график сүрөтчү В. А: Ватагин өзүнүн чыгармаларында жаныбарлар дүйнөсүн чын жана ишеничтүү сүрөттөгөн.

Орто Азиядагы алгачкы айкелчилик (скульптура) эстеликтерин князь Романов сарайынын (Ташкент) алдына орнотулган жаныбарлардын айкели (ит, кийик),Ситораи Мохи Хоса (Бухара) эшигинин алдындагы арстандардын эстелиги эсептелет. 1886-жылы Ташкенттеги көргөзмөдө уста Тохта Садык Хожаев алебастрдан жасалган ат жана кийиктин айкелин көрсөткөнү белгилүү.

Сүрөт өнөрүнүн анималистик жанрында сүрөтчү П. Мордвинцев тарабынан жаратылган «Жымжырттык» аттуу чыгармада ат менен куландын жайлоодогу сүрөтүн көрүш мүмкүн.

Анималистик жанрда, негизинен, айкелчилерибиздин салмактуу чыгармаларды жараткандыгынын күбөсү болобуз. 60-жылдардан баштап М. Мусабаев, А. Байматов, Ж. Куттимурадов сыяктуу ондогон талантту айкелчилер (скульпторлор) чыгармачылык ааламына кирип келишти.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*П. Мордвинцев*. «Жымжырттык»





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



А. Байматов. Чыгармачылык иш үстүндө

Алар өзбек элинин өтмүшү, бүгүнкү күнү, турмушу, эмгек иш-аракети жана чыгармачылык иштерин өз айкелдеринде сүрөттөшкөн. Абдумомун Байматов 1934-жылы Фергана областынын Бешбала айылында туулган. Өзбекстан эл сүрөтчүсү. Анималистик скульптура жанры боюнча бир катар иштерди жүзөгө ашырган.

Эгемендүүлүк доору айкелчилик өнөрү түрүнө иштелген алгачкы тарыхый чыгармалар катарында Амир Темурдун атчан айкелин (И. Жаббаров) айтууга болот.

Бул доордо станоктуу айкелчилик өнөрүнүн өкүлдөрү тарабынан Т. Тажыхожаевдин «Атчан киши», Ж. Куттимурадовдун «Ак куу» сыяктуу көптөгөн чыгармалары жаратылды.

1. Анималистик жанр деген эмне?
2. Кайсы доордон баштап жаныбарлардын сүрөтүн тартышкан?
3. Жаныбарлардын айкелин жараткан скульпторлордон кимдерди билесиңер?
4. «Ак куу» чыгармасынын автору ким?

**Тапшырма.** Сүрөт өнөрүндө анималистик жанр темасында практикалык иш аткаргыла.


## 14-с а б а к. «МЕН СҮЙГӨН ЖАНЫБАР» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Үй айбандарына – ат, уй, кой, мышык, күчүк, коён сыяктуулар, жапайы айбандарга – жолборс, арстан, карышкыр, түлкү, аюу, пил сыяктуулар кирет. Жаныбарлар табиятыбыздын көркү, алар биз менен биргеликте жашайт. Жаныбарлар табияттын ар түрдүү шарттарына ылайыкташып, жашаш жерлери бир-биринен айырмаланат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Тайдын баскычтуу сүрөтү


Жаныбарлардын сүрөтүн иштеп жатканыңарда, адегенде, аларды кылдаттык менен байкап жана үйрөнүү керек. Алардын денеси кандай бөлүктөрдөн түзүлгөндүгүн жана бул бөлүктөр кандай формага ээ экендигин аныктоо керек. Мисалы, мышыктын аракетчендиги буттарынын ылдамдыгы, ага даракка, тамдарга чыгууга, аң уулоого жардам берет. Мышыктын денеси, төрт буту, башы, куйругу, кулактарын өзүнчө ажыратып көрсөтүү мүмкүн. Мышыктын эң чоң бөлүгү – денеси, сүйрү формада. башы болсо шар сымал, кулактары үч бурчтуу, куйругу ийри формада болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мышыктын сүрөтүн иштөө усулдары



Коёндун түрдүү көрүнүштөгү сүрөтү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Сүрөттөрдө кайсы жаныбарлар сүрөттөлгөн?
2. Үй айбандарына кайсылар кирет?
3. Жапайы айбандарга кайсылары кирет жана түзүлүшү кандай?
4. Алардын түстөрү жөнүндө эмне дейсиңер?
5. Жаныбарлардын сүрөттөрү кандай аткарылат?

**Тапшырма:** Окуучуларга өздөрү жакшы көргөн үй айбандарынын сүрөтүн тартып келүү тапшырылат.

## 15-с а б а к. «КЫШ ПЕЙЗАЖЫ» ТЕМАСЫНА СҮРӨТ ТАРТУУ

Кыш мезгилинин сулуулугун, түрдүү-түстүүлүгүн, аппак кар жерди каптаганын, балдардын кыш мезгилиндеги ар түрдүү оюндарынын композициясын түзүү мүмкүн. Табият сулуулугун сүрөт өнөрү чыгармалары аркылуу берүүгө сүрөтчүлөрдөн: К. Коровин, Н. Юн, У. Тансыкбаев, Р. Ахмедовдордун чыгармачылыгы чоң мааниге ээ болду.



*Т. Козиев.* «Кыш»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*М. Ташмурадов.* «Кыш»

Мисалы, Н. Шурыгиндин «Кышкы дарыя» аттуу сүрөтүн төмөнкүдөй талдоо мүмкүн:

1. Сүрөттө кайсы мезгилге тиешелүү көрүнүш сүрөттөлгөн?
2. Сүрөтчү сүрөт аркылуу биздин көңүлүбүздү эмнеге каратат?
3. Сүрөттүн композициясы, түзүлүшү жана андагы нерселердин катышы кандай?
4. Сүрөтчү кыш пейзажынын көрүнүшүн кандай даражада сүрөттөп бере алган?

Сүрөт өнөрү чыгармаларын байкап үйрөнүүдө табиятты аңдоо менен бир катарда табиятка болгон сүйүү, кызыгуу артат. Натыйжада, сүрөт өнөрүнүн тили, сүрөт өнөрү



Курдаштардын иши



Кыш пейзажын сүрөттөө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

каражаттары болгон композиция, кыймыл борбору, теңдештик жана түстөр жөнүндөгү толук маалыматтарга ээ болобуз.

Кыш пейзажынын сүрөтүн тартуу үчүн сүрөтчүлөрдүн чыгармаларына таянып, композициялардын негизинде өз алдынча иштөөгө киришилет. Алгач кыш пейзажы өздөрү түзгөн композиция негизинде калемде тартылып, кийин боёкто аткарылат.

1. Кыш пейзажын сүрөттөгөн сүрөтчүлөрдү айтып бергиле?
2. Кыш пейзажын сүрөттөөнүн негизги шарты эмнеде?
3. Түстөр пейзаждын түрдүү пландарында эмнеси менен бир-биринен айырмаланат?
4. Кыш пейзажынын айрым көрүнүштөрүн тартуу кандай мааниге ээ?

**Тапшырма.** Кыш пейзажын сүрөттөө. Жаңы жыл майрамына арналган дубал газета үчүн сүрөт үлгүлөрүн алып келүү.

## 16-с а б а к. «ЖЫҢЫ ЖЫЛ» ТЕМАСЫНА ДУБАЛ ГАЗЕТА ИШТӨӨ. КОНТРОЛДУК ИШ

Жаңы жыл майрамы эски жылды узатуу, жаңы жылды тосуп алуудан башталат. Бул майрам бардык мамлекеттерде салттуу майрам катары майрамдалат. Бул майрамды арчанын тегерегинде белгилөө салтка айланган. Жаңы жыл майрамында аяз ата менен кар кыздын келиши көбүрөөк күтүлөт.

Жаңы жылды күтүп алуу бардык мамлекеттерде өз үй-бүлөсүндө майрамдалат. Бул майрамда арчаны жасатып, ага түрдүү оюнчуктар илинип, коздолот. Адамдын жүзүндө жылмаюу, майрам кубанычтары болот

Албетте, «Жаңы жыл» темасына дубал газета чыгарылат. Дубал газета даярдоо үчүн эки ватман кагазды бириктиребиз. Бириктирилген кагазга жаңы жыл темасынын аты башкы тема кылып алынат, жаңы жыл майрамына арналган сүрөттөр калемде тартылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Даярдалган оюнчуктардын сүрөтү газетанын керектүү жерлерине жайгаштырылат.

Жаңы жыл майрамына даярдалып жаткан дубал газетанын сүрөттөрү, жазуу бөлүктөрү түс жагынан бир-биринен айырмаланат жана окшоштуктары шайкештелет.

Жаңы жылга арналган дубал газета дагы бир жолу көрүп чыгылат. Даярдалган газетаны мектепте өткөзүлүүчү кечелерде, ата-энелерди жаңы жыл майрамы менен куттуктоодо пайдалануулары мүмкүн.






1. Жаңы жыл майрамы кандай майрам?
2. Сүрөтчүлөр тарабынан иштелген чыгарманы талдагыла.
3. Жаңы жыл майрамына арналган дубал газетадагы арча, аяз ата, аяз кыздын сүрөттөрү эмнени билдирет?
4. Дубал газетаны даярдоодо кандай түстөрдөн көбүрөөк пайдаланылат?



**Тапшырма.** Жаңы жыл майрамына арналган сүрөттөрдү тартып келүү милдети берилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ЧЕЙРЕК

## 17-с а б а к. ЖИВОПИСТЕ НАТЮРМОРТ. НАТЮРМОРТ ЖАНРЫНДА ЖАРАТЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАРДЫ КӨРКӨМ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**Натюрморт** – сүрөт өнөрүнүн өзүнө мүнөздүү өз алдынча жанры «Натюрморт» (nature morte) французча сөз болуп, «жансыз табият» деген маанини билдирет жана анда көбүнчө эмгек куралдары, жашылча-жемиштер, гүлдөр, канаттуу жана майда жаныбарлар сүрөттөлөт,



*А. Перов.* «Нандар натюрморту»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

башкача айтканда натюрморт өнөрүндө адамдын турмуштук жашоосу чагылдырылат.

Натюрморт .XVII кылымдын баштарында Голландияда пайда болуп, көптөгөн мамлекеттерге таралган, айрыкча, XVIII кылымдын ортосунда сүрөт өнөрүндө кеңири өнүккөн өз алдынча жанр эсептелет.

Живопись искусствосунун сейрек устасы, франциялык сүрөтчү Жан-Батист Симеон Шардендин «Искусство атрибуттары» темасындагы натюрморт чыгармасын көргөнүбүздө, жөнөкөй нерселердин жогорку көркөм сүрөтүн көрөбүз.

Өзбекстан сүрөт өнөрүндө сүрөтчүлөрдөн: Н. Кашина, З. Ковалевская, Е. Елизаров, Р. Ахмедов, Г. Абдурахманов сыяктуу көптөгөн натюрморт жанрынын усталары өлкөбүздүн бай жыргалчылыгын өздөрүнүн чыгармаларында чебердик менен көрсөтүштү.

Натюрморт өз алдынча жанр болушу менен бирге, темалуу сүрөттөрдөгү чыгармалардын мазмунун ачып берүүдө көмөктөшүүчү, аны толтуруучу каражат болуп да кызмат кылат. Белгилүү сүрөтчү Г. Абдурахмановдун «Дарбыздуу натюрморт» жана Е. Елизаровдун «Натюрморт» деген чыгармаларында түрдүү мөмөлөр, бакча эгиндеринен коон жана дарбыз, улуттук кездемелер өтө чебердик менен сүрөттөлгөн. Кыл калем усталары чыгарманын мазмунун ачууда жылуу саргыч, кочкул кызыл түстөрдү айланадагы жашылыраак сыяктуу түрдүү-түмөн түстөр менен айкалыштуу сүрөттөөсү себептүү сүрөттүн өтө таасирдүүлүгүнө жетишкен.




*Г. Абдурахманов.* Натюрморт

Эгерде сүрөтчү кандайдыр бир темадагы натюрморту жаратууда көз алдында болочок натюрморттун элесин келтирип, ага ылайык нерселерди тандап, полотного жайгаштыруу жөнүн-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Натюрморт композициясы

дө ойлонуп, черновой эскиздерди сызып, ушул эскиздердин негизинде композиция түзөт.

Натюрморттун мазмундуу болушу үчүн кичирээк нерселер алдыда, ириктери арткы көрүнүштө сүрөттөлөт. Натюрморт горизонт сызыгынан ылдыйраакта жайгаштырылат. Ошондо нерселердин мейкиндик абалы жана тегиздиги жакшы көрүнөт. Натюрморт композициясын кагазга туура жайгаштыруу максатында атайын кагаздан жасалган аспаптан (видеоискатель) пайдалануу жакшы натыйжа берет. Бул аспап аркылуу аныкталган композиция өзүнчө кичине өлчөмдөгү кагазда сызып көрүлөт.



Натюрморт этюду



1-баскыч



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2-баскыч



3-баскыч

Натюрморттун композициясы белгиленгенден кийин, коюлмадагы ар бир буюмдун өлчөмү, формасын (түзүлүшү, түсү, жарык-көлөкө) аныктоого өтүлөт. Иш жараянында жалпыдан жекеге же жекеден жалпыга өтүлөт. Натюрмортту сүрөттөөдө баскычтуу эрежеге көңүл бөлөбүз. Эки-үч нерсенин сүрөтүн тартууда буюмдардын өлчөм жагынан өз ара айырмачылыгын, аралыгын, жарык-көлөкөнүн айырмасын көз менен чамалап өлчөнөт. Орду белгилеп алынат. Сүрөттүн формасы табылгандан кийин, жарыктын булагы аныкталат. Себеби сүрөттүн тынч абалда турушу андан түшүп турган көлөкөгө да байланыштуу.

**Натюрморттун композициясы.** Ар кандай искусство чыгармасынын негизин композиция түзөт. Композиция – «compositio» латынча сөз болуп, түзүү, бириктирүү – түрдүү бөлүктөрдү бир бүтүн жалгыз бир идеяга ылайык абалда бириктирүү маанисин билдирет. Сүрөт өнөрүндө композиция деп көркөм чыгарманын мазмуну, характери жана максаты менен байланыштуу абалдагы курулушу, бөлүктөрдүн чыгарманын идеясына ылайык жайгаштырылышы жана өз ара катышы түшүнүлөт. Композицияда эң маанилүүсү – көркөм образды жаратуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







Сүрөт өнөрүндө композициянын: симметрия жана асимметрия, ритмдин ылайык келүүсү, статика, динамика; экинчи даражалуу нерселерге (негизгиге) баш ийүү, көрүү борбору жана көбүнчө ага ылайык келүүчү композициялык борборду томпок кылып көрсөтүү сыяктуу эрежелери бар.

Композициянын негизги талаптары: бүтүндүүлүк, симметрия жана ритм. Кокустан эле жыйналып калган нерселерди натюрморт деп айтууга болбойт. Натюрморт композициясынын маңыздуу жана таасирдүү чыгышы үчүн жалгыз темадагы, бири-бирине ылайыктуу нерселер табигый байланышта коюлушу керек.

Коюлган натюрморттун негизги идеясын кагазда сүрөттөп көрсөтүп берилет, башкача айтканда натура менен сүрөтчүнүн ортосунда толук окшоштукка жетишилет.

Натюрморт композициясын кайсы чекиттен каралышына карабастан, ал бир бүтүн көрүнүшкө ээ болушу керек. Натурага



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

карата кызыктуу көрүү точкасы тандап алынгандан кийин, кагаздын бетине натюрмортту натурадан туура аныктап сүрөттөө керек.

1. Натюрморт деген эмне?
2. Натюрморт жанры эмнени чагылдырат?
3. Натюрмортчу-сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиңер?
4. Натюрморт композициясы деген эмне?

**Тапшырма.** Сүрөттөгү натюрморт композициясынын сүрөттөлүшүнө түшүндүрмө бергиле.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 18, 19-сабактар. УЛУТТУК ИДИШТЕРДЕН ТҮЗҮЛГӨН ТЕМАЛУУ НАТЮРМОРТТУ (2–3 БУЮМДУ) АКВАРЕЛЬ БОЁГУ МЕНЕН ИШТӨӨ

Акварель боёгу менен улуттук идиштер темасындагы натюрмортту аткаруу үчүн 2–3 нерседен турган, түсү жана оттеногу боюнча бири-биринен айырмаланган, формасы боюнча анчалык татаал болбогон буюмдар болушу керек. Жөнөкөй нерселерден түзүлгөн натураны жакшылап тартканды үйрөнбөстөн туруп, татаал натурага өтүү туура эмес. Акварель боёгунда машыгууларды үзгүлтүксүз түрдө аткарып, аларды акырындык менен татаалдаштыруу максатка ылайык.

Натюрмортту акварель боёктору менен иштөө жараянын практикада көрсөтүү үчүн бир аз татаал болгон мөмөлөр жана буюмдардан түзүлгөн натураны алабыз. Натура катары коюлган идиш тегиз жалтырак бетке ээ, ошондой эле, тунук чагылышкан нур шооласы бар. Бардык нерсе столдун үстүнө жайгаштырылган, аркада ачык боз түстөгү дубал фону жана жылмакай кездемелер. Мөмөлөрдө белгиленген жарым көлөкөлөр анык көрүнүп турат. Жылуу жана муздак рефлекстер бар.

Мындай түзүлгөн натюрморттун калем сүрөтү кыйынчылык туурдурбайт, бирок түстөрдө сүрөттөө бир аз татаалыраак, анткени мөмөлөрдүн анык түсүн сүрөттөө үчүн түстөрдүн шайкештигине көңүл бөлүшүбүз керек Боёктун алгачкы сүртүмүнөн баштап, түс шайкештигиндеги гармонияны сактоо керек. Акварель боёктору кургагандан кийин бир аз агарат, ошон үчүн аларды каралжын кылып алыш керек.




Окуу натюрморту

Акварель боёктору менен сүрөттөө жараянында нерсе жана буюмдагы жарык болуп турган бөлүктөрдү боёбостукка



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1-баскыч



2-баскыч



3-баскыч



4-баскыч

аракет кылуу керек. Эгерде түстөр керектүү жерге дароо эле сүртүлсө, анын жанындагы оттенокту табуу да жеңил болот.

Ар бир нерсенин көлөмдүү формасын жарык-көлөкөнүн кубулуш менен байланыштуу болгон түс өзгөрүштөрүн көңүл коюп байкоо керек. Күрөң түстөгү идиш жарым көлөкөдө жана жарыкта ар түрдүү түс оттеногуна ээ. Фондон түшүп жаткан рефлекстер күрөң түс эмес, кызгылт көк болот. Андан тышкары, мөмөлөрдүн көлөкөсүндө рефлекстер бар, алар өз ара ачык-кочкулдугу менен жана оттеноктору боюнча айырмаланат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эң негизгиси, бардык буюмдарга бир убакыттын өзүндө, ачык-кочкулдугу, оттеноктору жана каныккандыгын салыштырып боёо керек. Демек, буюмдарды, жекече байкабастан, тескерисинче, бардыгын бүтүн көрүүгө аракет кылуу керек. Жанаша турган эки нерсенин түсүнүн айырмаларын салыштыруу кыйын эмес. Эгерде алдыбызда он нерседен турган натюрморт болсо, ар бир буюмдун түсүн жекече абалда жана бардыгы менен биргеликте бир бүтүн кылып салыштыруу керек.

Ар бир нерсенин көлөмдүү формасын иштегенде жылуу жана муздак түстөрүн кылдаттык менен байкоо керек.

Буюмдардын ачык-кочкул түсү фон менен айланадагы нерселердин түсүнө байланыштуу болот. Көлөкөлөрдү карартса, ачыгыраак болот.

Сүрөттөгү буюмдардын алды жана арткы көрүнүштөрүнүн арасындагы кеңдикти көрсөтүүгө көңүл бөлүү керек. Натюрморттогу нерселер бири-биринен түрдүү аралыкта жайгашат, жакындагы нерселер ачыгыраак көрүнөт.

Алыста турган нерселердин түстөрү жеңилирээк жана күңүрт кылып алынат. Натюрмортту сүрөттөөдө аба прспективасынын таасирин ар



*Я. Мельников.* «Анар жана бихи»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дайым натурада жеңил сезиш кыйын; ошого карабай муну перспектива мыйзамы негизинде калем менен сүрөттөөдө алдыда турган нерсени жакыныраак жайгаштыруу, башкасын болсо алыстатып сүрөттөө керек.

Нерселердин жарык кылынган жерлери анык тышкы көрүнүшкө ээ. Көлөкө жана алыс көрүнүштөгү оттенок жана контраст түстөрү начар көрүнүп, формалары болсо, анык тышкы көрүнүшкө ээ эмес

Көлөкө жана арткы көрүнүштөгү нерселердин сүрөтү жалпылашкан абалда болот. Так ушул жерде нымдуу иштөө усулун колдонуу керек. Иштөөдөн мурда кагазды таза суу менен жумшак чүпүрөк же чоң кыл калем менен бир сыйра нымдалат. Эки-үч минуттан соң, кагаз сууну сиңирип алгандан кийин, акварель менен ишти баштоо мүмкүн. Боёк сүртмөлөрү ным кагаздын бетине жайылып, бири-бири менен кошулуп, жумшак жана назик кулпуруштар пайда болот. Эгерде бир жерин ажыратыш керек болсо, кагазды кургатып, керектүү боёк сүртмөсү берилет же болбосо кургак кыл калемде анык түстүү чек аранын талап кылынган жерлери карартылат. Ным боюнча иштеш усулу сүрөттү өтө назик жана сонун кылып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Акварель боёктору менен иштөө жараянында көлөкө-жарыктагы назик өтүүлөрүн тегиздөө керек эмес. Өтө нымдалган кагаз, адатта, бөртөт, бырышат, бирок кургаган учурда тартылып, тегизделип калат, кийин ишти улантууга болот.

Улуттук идиш-аяктардан түзүлгөн натюрмортторду белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармаларында да көрүшүбүз мүмкүн. Мисалы, Я. Мельниковдун «Анар жана бихи» деген натюрморту темага мисал боло алат.

1. Улуттук идиш-аяктардан турган натюрмортту кандай элестете аласыңар?
2. Перспектива мыйзамдарын түшүндүрүп бергиле.
3. Боёктун башталышынан баштап эмнелерге көңүл бөлүү керек?
4. Натюрморттун мазмунун ачып берүүдө буюмдардын ролу кандай?

**Тапшырма.** Улуттук идиштерден түзүлгөн натюрмортту иштөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 20-с а б а к. ТҮСТӨРҮ ЖАГЫНАН КАРАМА-КАРШЫ (КОНТРАСТ) БУЮМДАРДАН ТҮЗҮЛГӨН НАТЮРМОРТТУ ГРАФИКАЛЫК УСУЛДА ИШТӨӨ

Алгач, натюрморт үчүн керектүү нерселер тандап алынат. Алар: көк же жашыл түстөгү сырдалган (эмалдуу) кастрюлька, эки-үч даана сабиз, сары же күрөң карапа пиала, эки шалгам, бир нече картошка, эки-үч даана ачык кызыл, саргыч жана ачык кызгылт түстүү кездеме (мата) болушу керек. Коюлма (натура) үчүн түрдүү түстөгү жана көлөмдөгү нерселер тандап алынат.

Натюрморттогу нерселердин саны 2 же 3 даана болот. Композициялык жактан жакшынакай, кызыктуу жана бир бүтүндүктө болушу керек.



Баскычтуу окуу натюрморту



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Карапа кесе жана жашылча-жемиштерден түзүлгөн натюрморттун маанилүү жактарынын бири – сүрөттөлүп жаткан нерселердин мейкиндикте жайгашуусу. Буюмдардын чоңураактарын аркага, майдаларын алдыга жайгаштырып, бири экинчисин азыраак бекитип тургандай кылып коёбуз.

Натюрмортто түсү жагынан карама-каршы буюмдардын эң маанилүүсү экинчи катарга жайгаштырылат. Ал формасы, түсү, оттеногу менен ажыралып турушу, композициясынын борборун түзүшү керек.

Натюрморттун мейкиндик абалын аныгыраак сүрөттөш үчүн алдыңкы катарга анча чоң болбогон, ачык буюм коюлган. Буюмдарга жарык нурлары алды жагынан жана капталынан түшкөнү үчүн, ар бир нерсенин көлөмдүүлүгү даана көрүнүп турат.

Натюрмортту сүрөттөөдөн мурда аны байкап, эң жакшы карай турган чекитин таап, горизонт сызыгы белгиленет. Сүрөттүн жалпы композициясы табылат. Натюрморт сүрөтү бир нече кичине өлчөмдө черновой сызык үзүндүлөрү аркылуу аткарылат. Алардан эң ийгиликтүү чыкканы тандап алынат.

Кагаздын бетинде натюрморттун жалпы өлчөм пропорциясынын жалпы кеңдиги жана бийиктиги жеңил сызыктар менен белгиленет. Ар бир нерсенин жалпы формасы, өзүнчө бөлүктөрдүн салыштырмалуу өлчөмдөрү табылат. Ар бир буюмдун өзүнө жараша формасы, чоң-кичинелиги жана турган орду анык табылгандан кийин, алардын түзүлүшү талданып, кылдаттык менен байкалат. Формалардагы болгон перспективалуу кыскарыштар да чагылдырылат.

Буюмдардын сүрөттөлүшүн тегиздикте жайгаштыруу убагында алардын негиздерин, башкача айтканда көрүнгүс бөлүктөрүн да толук сызуу керек. Ошондой кылынганда кээ бир ненрселердин «асылган» абалында болушу же бир нерсенин экинчисине «оюп» киргендей болуп калышына жол коюлбайт. Натюрмортту калемде иштеп болгондон кийин, боёгонго өтүлөт.

Натюрморт живописин аткарууда кеңири таралган иш усулунан пайдаланабыз. Боёк катмарларын үстү-үстүнө коюу **лессировка** деп аталат. Боёктун суюк эритмесин даярдап алып, кагазга катмар түрдө сүртүлгөндө алдындагы кагаз кубулуп турат. Бир сыйра сүртүлгөн боёк катмары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Баскычтуу натюрморт сүрөтү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кургагандан кийин, үстүнөн башкасы сүртүлөт, астыңкы катмардын көрүнүп турушунан жаңы түс-оттенок пайда болот. Катмарлардын саны көбөйгөн сайын түсү байып, таасирдүүлүгү күчөйө берет.

Акварель боёгу менен иштөөнү баштоо сүрөттүн аппак жайын белгилөөдөн баштап, калганын суюк боёктун эритмеси менен каптап чыгылат. Көлөкөлөрдү дароо эле карайтып жибербестен, акырындык менен бир катмары кургагандан кийин экинчисин сүртүү керек.

Акыркы баскычта ичке кыл калем менен бөлүктөрдү иштеп чыгуу, нерселердин негиздеринин жанындагы көлөкөлөрдү бир аз каралжын кылып, натюрморттун бир бүтүн жана гармониялуу көрүнүшүнө жетишилет.



Окуу натюрморту



1. Түс-оттенок деген эмне?
2. Карама-каршы түшүнүгү деген эмне?
3. Натюрмортто карама-каршылык түшүнүгүн мүнөздөп бергиле.
4. Нерселер бир-бирине салыштырмалуу кандай жайгаштырылат?



**Тапшырма.** Карама-каршы буюмдардан түзүлгөн натюрмортту графикалык усулда иштөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 21-с а б а к. ЭСТӨӨ БОЮНЧА НАТЮРМОРТ КОМПОЗИЦИЯСЫН ИШТӨӨ

Эстөө боюнча чыгармалардын композициясын жаратууда атактуу сүрөтчүлөрдөн И. Левитан, К. Брюллов, И. Репин, И. Айвазовскийлердин эстеп калуу жөндөмдүүлүктөрү жогору даражада болгондугу белгилүү. Мисалы, И. Репиндин «Волгадагы бурлактар» чыгармасынын алгачкы эскизин эстөө боюнча иштегенин көрөбүз.

Белгилүү сүрөтчүлөрдөн У. Тансыкбаев, Р. Ахмедов, М. Набиев, А. Икромжанов, А. Нур жана башкалар өз чыгармаларын жаратууда баштапкы этюд эскиздерине таянган абалда эстөө боюнча искусство чыгармаларын иштешкен. Мисалы, А. Икромжановдун «Чыгыш натюрморту» жана М. Нуриддиновдун натюрморт чыгармалары темабыздын ачык-айкын мисалы боло алат.

Эстөө боюнча натюрморт композициясын сызуунун мааниси, айланадагы түрдүү-түмөн бар нерселер, буюмдардын формасы, өлчөмү, түзүлүшү жана ар түрдүү түсүн эсте сактап калуу. Ошондой эле, бул буюмдардан белгилүү, кооз натюрморт композициясын түзүп, аны эстөө боюнча сүрөттөө.



*М. Нуриддинов*. Натюрморт



Окуу натюрморту



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айрыкча, эстөө боюнча натюрморт сүрөттөө үчүн үй-орозгер буюмдарынан чындыгында кызыктуу натюрмортторду түзсө болот. Үй-орозгер буюмдарынан түзүлгөн натюрморт коюлат. Бардык көңүл коюлмага каратылат.

Бул коюлган натюрморт кылдаттык менен үйрөнүлүп, байкалат. Үйрөнүлгөндөн соң, белгилүү бир убакыттан кийин кандайдыр бир кездеме менен натюрморттун үстү жабылат. Ошондон кийин эстөө боюнча натюрморттун композициясын иштөөгө киришилет.





Баскычтуу окуу натюрморту



1. Эстөө боюнча натюрморт иштөөдөн максат эмне?
2. Эстөө боюнча натюрморттун композициясын иштөө кандай жүзөгө ашырылат?
3. Эстөө боюнча натюрморттун композициясын иштөөдө эмнелерге көңүл бөлүү керек?
4. М. Нуриддиновдун «Натюрморт» чыгармасына түшүндүрмө бергиле.

**Тапшырма.** Эстөө боюнча үй-орозгер буюмдарынан түзүлгөн натюрморттун композициясын иштегиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 22, 23-с а б а к т а р. ТАБИЯТ ПЕЙЗАЖЫ ФОНУНДА НАТЮРМОРТ ИШТӨӨ

Табият пейзажы фонунда натюрморт иштөө жараянынын өз мыйзамдуулугу бар. Бул ишти тартип менен алып баруу талап кылынат.

Этаптуу тартипте аткарылган иштин натыйжасы маанилүү мааниге ээ. Табият пейзажы фонундагы натюрморт иштешти эмнеден баштоо, анын ортосунда кандай талаптарга жооп берүү жана кайсы орунда аяктоо керектигин жакшы билүү керек.

Натюрморттун фону пейзаж болуп, терезе алдында коюлган буюмдар менен пейзаж ортосунда мейкиндик аралык жайгашкан. Түс катыштары алдыңкы, орто жана арткы көрүнүштө түрдүү түстөрдө болушун түшүнүшүбүз керек. Сүрөттөөдө аба перспективасы чоң мааниге ээ. Терезенин алдында жайгашкан натюрмортту сүрөттөөдө жалпы жарык-көлөкө, түс-оттеноктор жана биргелешкен түстөрдөн жарык-өлөкөлүү түс-оттеноктору шайкештигинин чоң бөлүктөрүндө аныктоо маанилүү.



*Р. Ахмедов*. Натюрморт

Табият пейзажы фонунда натюрмортту сүрөттөгөндө горизонт сызыгына карата кандай жайгашуусу да чоң мааниге ээ. Көз бийиктигинен ылдыйраакта коюлган натюрморт нерсе тегиздигинде толук көрүнүп турат, нерселердин негиздери алардын өз ара



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Окуу натюрморту

жайгашуусу ачык-айкын көрүнөт жана сүрөттөөдө ыңгайлуу болот. Нерсени толугураак ачып берүү үчүн жарык нурлары алды жагынан же капталынан түшө турган болушу керек. Табигый жарыктын күчү жетиштүү болбосо, натюрморттун капталына жасалма жарыткыч коюлат. Ошондо алдыңкы нерселерде жарык-көлөкө контрасты кескин болуп, алардын көлөмдүүлүгү томпоюп көзгө ташталат, экинчи пландагы нерселерде болсо азыраак сезилет.

Нурлардын күчү азайып барган сайын үчүнчү пландагы нерселердеги карама-каршылык билинбей, алардын чек аралары фонунун кочкул жайлары менен куюлушуусу көрүнөт. Натюрмортту терезенин жанына коюп, арткы фонунда табигый пейзаж менен сүрөттөлөт. Натюрмортко нурлар алды жагынан түшөт, көлөкө жана рефлекстер анчалык көп болбойт, предметтердин түсү даана, ачык-айкын көрүнөт.

Табият пейзажы фонунда натюрморт иштөө темасында натюрмортчу сүрөтчүлөрдөн Х. Матисс, Ван Гог, Р. Ахмедовдордун чыгармаларынан терезенин алдында жана табият пейзажында коюлган натюрморт үлгүлөрү мисал боло алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Табият пейзажы фонунда натюрмортту сүрөттөөнүн негизги шарты эмнеде?
2. Табият пейзажы фонунда натюрмортту сүрөттөөдө аралык кандай каражаттардын жардамында берилет?
3. Горизонт сызыгынын катышы кандай алынат?
4. Натюрмортко нурлар кайсы тараптан түшөт?

**Тапшырма.** Табият пейзажы фонунда натюрмортту тартып келүү.

## 24-с а б а к. КӨРКӨМ КООЗДОО ГРАФИКАСЫ

Мектепте өткөзүлүүчү кечелер, учурашуулар, көргөзмөлөрдүн ачылышы алардын талкуулануусу сыяктууларды жүзөгө ашырууда чакыруу кагазы (открытка), символдордун салымы бар. Чакыруу кагазы көп нускада жазылат. Ошондуктан ал жөнөкөй жана жылмакай болушу керек. Чакыруу кагазын даярдоодон мурда анын эскизи иштелет жана коллективде талкууланат. Ошондон кийин, эскиз өлчөмүндөгү чоңдукта картондон форма жасап алынат. Кийин бул форма ак кагазга коюлуп, керектүү санда кагаз кесип алынат. Чакыруу кагазынын өлчөмү 1:2 размерде болушу максатка ылайыктуу. Бүктөлгөн кагаздын сырт жагында «Чакыруу» сөзү жазылат. Бул сөз плакат, трафарет ариптеринде, жазууда жазылышы мүмкүн. Жазуудан тышкары, түрдүү сүрөттөр же иллюстрацияларды иштөө мүмкүн.


Чакыруу кагазынын ички жагында чакырылып жаткан адамдын аты, фамилиясы, боло турган аземдин аты, качан жана каерде өткөзүлүшү жана бул кечени ким уюштуруп жатканы көрсөтүлөт.

Ар бир мамлекттин өз символу болот. Анын ыйык символдору – герб, туу гимн. Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик герби белгилүү график сүрөтчү Анвар Мамажанов тарабынан жаратылган жана 1992-жылы 2-июлда бекитилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өзбекстан
Республикасынын
Мамлекеттик герби



Өзбекстан Республикасынын
Мамлекеттик туусу

Республикабыздын гербинин түзүлүшү тоголок формага ээ. Анын сол тарабында пахтанын ачылган чанактары, оң тарабында болсо, буудайдын башактары Өзбекстан туусу менен оролгон абалда сүрөттөлгөн. Канаттарын жазып турган Хумо кушу – элибиздин тынчтык, амандык, бак-таалайга умтулуу жолундагы үмүт-тилектерин билдирет.

Сүрөт өнөрүнүн эмблемалар менен алектенүүчү тармагы бар, алар живопись, графика, дизайн искусствосун өзүндө топтогон абалда символдук белгилерди сүрөттөйт.

Мугалимдер күнүнө арналган эмблемалардын эскизин сунуш кылабыз.

**Көркөм ариптер.** Китептин тексти же бөлүмдөрдүн башталышынан мурда түрдүү кооздук тамгалар жана тематикалык сүрөттөр сүрөттөлөт. Буларды башкы көркөм кооздук деп айтабыз.

**Мукаба** деб китеп барактарын бириктирүүчү, калың же жука кооздук бөлүгү айтылат.

Тексттин башталышында биринчи тамга башка тамгаларга караганда бир аз чоңураак кылып жазылышы жана түрдүү оюу-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



чийүү, сүрөт жана түстөр менен боёлушу мүмкүн. Анын аты инициал деп аталат. (Initsial) – латынча сөз болуп, башталгыч тамга дегени. Инициалдардын көрүнүшү түрдүүчө болот. Ал башка тамгалардан өз түсү жана формасы менен ажыралып турат. Жөнөкөй сүрөттөр, оймолор, гүлдөр менен кооздолушу мүмкүн.

Текст бүткөндөн кийин, анын алдына соңку кооздуктар иштелет. Ал башталгыч кооздуктарга караганда кичирээк болот. Соңку кооздуктар катарында түрдүү оймо-чиймелер, гүлдөр, эмблемалар, кичине тема-




Мукаба үлгүсү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тикалык сүрөттөр, жөнөкөй сызыкчалар, ар түрдүү символикалык сүрөттөрдөн пайдаланылат. Соңку коздуктар тексттерге аяктоо берип, барактын бетин коздойт.

1. Көркөм кооздоо графикасы эмнени түшүндүрөт?
2. Чакыруу кагаздарынын милдеттери эмнелерден турат?
3. Эмблема кандай маанини түшүндүрөт жана эмне үчүн керек?
4. Баш тамгалар кандай аталат?
5. Мукаба деген эмне?

**Тапшырма.** Мектебиңер, махалла, ийримдериңердин эмблемасын иштегиле.

## 25-сабак. 8-МАРТ МАЙРАМЫНА ДУБАЛ ГАЗЕТАСЫН ИШТӨӨ. КОНТРОЛДУК ИШ

Дубал газетасынын түрлөрү көп болот. Алар: юмористтик, сатиралык, кандайдыр бир майрамга арналган атайын газета болушу мүмкүн. Мектепте дубал газета жетекчи орунду ээлейт. Алар майрамга карата чыгарылат. Бүгүнкү газетабыздын темасы 8-март – Эл аралык

***8 март – Эл аралык аялдар майрамы***

| | | |
|---|---|---|
| *Куттуктоо сөзү*<br>________<br>________<br>________<br>________ |  | *8-март*<br>________<br>________<br>________<br>________ |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аялдар майрамына арналган. Бул майрам күнү ар бир окуучу өзүнүн апасын, чоң энесин, эже-сиңдилерин, мугалимин майрам менен куттуктайт. Газетанын аты ватмандын жогору жагына ири тамгалар менен жазылат.

Газетанын атын жазууда жазма, басма, курсив жана түрдүү көркөм тамгалардан пайдалануу мүмкүн. Айрыкча, тамга ылайыктуу болуп тартылган кызыктуу сүрөттөр чоң роль ойнойт. Сүрөттүү газета мазмунуна ылайыктуу болсо, окуучуларды өзүнө тартат.

Дубал газетаны кооздоодо, бөлүмдөрдө аталышына, макалаларга, түрдүү карикатураларга көңүл бөлүү керек болот. Мисалы, 8-март майрамына арналган дубал газетаны элестетип көрөлү. Кооздоодо, албетте, сол жагында аялдар, жаз гүлдөрү сүрөттөлөт жана аталышы чоң тамгалар менен жазылат. Оң жагы мамычаларга бөлүнөт, биринде куттуктоолор, макала, сүрөт-карикатуралар жайгаштырылат.

1. 8-март майрамы кандай майрам?
2. Дубал газетаны иштегенде эмнелерге көңүл бөлүү керек?
3. Дубал газетаны иштегенде кандай боёктордон пайдаланылат?
4. Дубал газета кандай бөлүктөргө бөлүнөт?

**Тапшырма.** 8-март дубал газетасына куттуктоо сөздөрү, майрамга арналган ырлар жана гүлдөрдүн сүрөтүн тартып келүү.

## 26-сабак. НООРУЗ МАЙРАМЫНА АРНАЛГАН КОМПОЗИЦИЯ ИШТӨӨ

Нооруз – Орто Азия элдеринин салттуу байыркы Жаңы жыл майрамы болуп эсептелет. Күн менен түндүн теңелиши жана табияттын жазгы ойгонушу – 21-марттан жыл башы деп эсептелген. Өзгөчө, өлкөбүздө ушул күндөрдү татыктуу тосуп алуу үчүн ар түрдүү салтанаттуу аземдер, ошондой эле, үй-жайларды тазалоо, гүл жана дарактарды отургузуу, ата-эне, жакын кишилер менен көрүшүү адатка айланган. Элибизде Нооруз майрамына карата сүмөлөк, халым, көк



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Я. Аралов*. «Бойсун»



Атчан топ оюну композициясы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*А. Аликулов.* «Улак тартмай»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

самса жана улуттук тамактар даярдалат. Майрамдын биринчи күнүндө өлкөбүздө түрдүү спорт оюндарынан – ат чабыш, улак тартмай, күрөш, сым арканда жүрүү, ар кандай мелдешүүлөр өткөрүлөт.

Мындай композицияны түзүүдө сүрөтчүлөр тарабынан жаратылган искусство чыгармаларына көңүл бөлөбүз. Мисалы, Я. Араловдун «Бойсун», Н. Хусановдун «Атчан топ оюну» А. Аликуловдун «Улак тартмай» деп аталган чыгармалары Нооруз майрамына арналган композицияны тартууда ачык-айкын мисал боло алат.

1. Нооруз майрамы кандай майрам?
2. Нооруз майрамында кандай оюндар өткөрүлөт?
3. Элибиз Нооруз майрамына кандай даярдыктарды көрөт?
4. Нооруз майрамына арналган сүрөтчүлөрдүн чыгармасын талдагыла.

**Тапшырма.** Нооруз майрамына арналган композиция иштөө.



Окуучулардын иштеринен үлгү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

IV ЧЕЙРЕК

## 27 - с а б а к . СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨ ПОРТРЕТ. ПОРТРЕТ ЖАНРЫНДА ИШТЕЛГЕН ЧЫГАРМАЛАРДЫ КӨРКӨМ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

Инсан образынын жаратылышы портрет искусствосу деп айтылат. Портрет жанрында айрым адам же адамдар тобу сүрөткө алынат. Сүрөттүн өзүнө мүнөздүүлүгү боюнча, портрет станоктуу (картиналар, бюст, графикалык чыгармалар) жана шаңдуулук (оюу-чийүү, костюм, айкел), салтанаттуу жана интим, көкүрөктөн жана толук тулку-бой, каптал жактан, анфас (бет маңдайы) жана башка көрүнүштө болот. Портрет медалдарда миниатюра усулунда да аткарылат. Портрет жалгыз, экөө жана топ түрлөргө бөлүнөт. Портреттин өзүнө мүнөздүү жанры – автопортрет. Портретти жаратууда инсандын анатомиялык түзүлүшүнөн тартып, ички руханий жан дүйнөсү, ошондой эле тышкы көрүнүшүндөгү бардык жактары чагылдырылат.

Портрет сүрөтү иштетилиши боюнча сызыктуу жана түстүү болот. Сызыктуу сүрөт ачык, жеңил жана жалпылаштырылган болот. Сызыктар аркылуу көркөм образ жаратылат. Жадыбалдар, шарттуу чиймелер, класс доскасындагы сүрөттөр ушуларга кирет.

Кээ бир буюмдардын тышкы көрүнүшү аркылуу характерлүү көрүнүштү сүрөттөөдө түстүү сүрөттүн жөнөкөй түрү тандалат, бул силуэт деп аталат, б.а. бирдей тегиз оттенок менен капталып, тышкы көрүнүш сызыгы аркылуу аткарылуучу сүрөт.

Өзбекстан эл сүрөтчүсү, академик Малик Набиев улуу адамдардын образын өзүнө мүнөздүү кылып жарата алган таланттуу кыл калем устасы. Анын «Амир Темур» портрети пикирибиздин далили. Улуу аскер башчы такта ойлуу, кылычтын сабына колдорун коюп отурган




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

абалы чебердик менен сүрөттөлгөн. Анын журт тынчтыгы, элдин аман-эсендигин ойлоп отурганы ишеничтүү көрсөтүлгөн. Башындагы таажысы дене түзүлүшүнө төп келишкен. Анын өкүмчүл, too жүрөк, эпчил, көрөгөчтүгү жүз келбетинде өз чагылышын тапкан.

М. Набиев өз чыгармачылыгында улуу ойчул, окумуштуу Абу Райхан Берунийнин портретин жаратты. Абу Райхан Беруний улуу энциклопедист окумуштуу катарында өз заманасынын түрдүү илимдерин – астрономия, физика, математика, геодезия, геология, минерология жана башкаларды жакшы билген. М. Набиев көп изденип, чыгыш таануучу окумуштуулардын пикир – көз караштарына таянып, факт жана көрсөтмөлөр негизинде, Беруний жашаган тарыхый доорду терең үйрөндү. X–XI кылымдардагы Хоразм теңгелериндеги шахтардын сүрөтү менен таанышып, Берунийнин образын сүрөткө тартты. М. Набиев улуу окумуштуунун келбетин жаратуудагы



*М. Набиев.* «Абу Райхан Беруний»



*Т. Козиев.* «Бойсунгур Мирзо»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*В. Фадеев.* «Темирчи Яхшибой портрети»

изденүүлөрү аркылуу 1973-жылы Берунийнин туулганынын 1000 жылдыгына арналган майрамга карата улуу окумуштуунун бир бүтүн образын жаратып берди. Сүрөтчү Абу Райхан Берунийни жөнөкөй, токтоо адам катары сүрөттөйт. Анын көздөрүндө даанышмандык, баамдоочу жана чыгармачылык кайраты сезилип турат. Бул портрет экинчи жолу да тандоонун жеңүүчүсү болду жана ЮНЕСКОнун «Курьер» журналынын мукабасында жана чет мемлекеттердин көптөгөн журнал жана газеталарында, открытка, марка, плакат түрүндө бир нече жолу басмадан чыгарылды.

Инсан образын жаратуу сүрөт өнөрүндө эң татаал жараян болуп эсептелет. Сүрөт өнөрүнүн портрет жанры инсандын кулк-мүнөзүн




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*И. Бахрамов.* «Эне» портрети



*Ж. Умарбеков.* «Кыял»



*А. Бакиров.* «Гули» портрети



*Ш. Козиева.* «Мадина» портрети



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өзүндө чагылдырат. Портрет аркылуу инсан образын чебердик менен көрсөтө алган улуу сүрөтчүлөр катарына Камалиддин Бехзод, Леонардо да Винчи, Рембрандт, ошондой эле өзбек сүрөтчүлөрүнөн Абдулхак Абдуллаев, Рахим Ахмедов, Чыңгыз Ахмаров, Малик Набиев сыяктуу бир канча сүрөтчүлөрдү киргизүү мүмкүн.



Баскычтуу портрет



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Адамдын башынын сүрөтүн иштөөдө – жалпыдан жекега жана жекеликтен жалпыга өтүү принцибине негизденет. Башкача айтканда, натуранын бөлүктөрүн талдоо аркылуу образдын жалпы формасын чагылтуучу эреже боюнча иштөө керек.

Окуучулар аны оңой билип алуулары жана мазмуну менен жакшыраак таанышып чыгышы үчүн сүрөттү иштөө өзүнчө баскычтарга бөлүнөт.

Окуучулар сүрөт тартууда сызыктардан кандай пайдаланышы керек, баштын формасын дароо эле анык сызык менен чагылдыруу керекби же жеңил гана сызыш керекби, деп сурашат. Бул жерде калем менен бир аз убакыт иштеп, кийин, тез-тез форманы сүрөттөө, белгилерди чийүү керек болот. Эң негизгиси, калемди басып чийбестик. Себеби кара сызыктар каталарды көрүүнү кыйындаштырат. Бул каталарды оңдоо, андан да кыйын.

Көргөнүн эстей алууну өнүктүрүүгө каратылган көнүгүүлөрдү үйдө да улантуу пайдалуу.

1. Сүрөттө кандай окуя жана кимдер сүрөттөлгөн?
2. А. Беруний портретинин автору ким?
3. Сүрөттөрдө жылуу түстөр көбүрөөкбү же муздак түстөрбү?
4. Сүрөтчүлөр сүрөт аркылуу кандай идеяны алга сүрүшкөн?
5. Сүрөттөрдө адамдардын кийимдери аркылуу алардын кайсы доорго тийиштүү экендиктерин билсе болобу?

**Тапшырма.** Белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармаларын таап, талдоо.

## 28, 29-сабактар. «МЕН СҮЙГӨН КААРМАН» ТЕМАСЫНДА ПОРТРЕТ ИШТӨӨ

Портрет иштөөдө адамдардын сырткы келбети жана ички психологиялык абалы сүрөт аркылуу ачып берилет. Сүйгөн каарманыбыздын портретин иштөөдө бир адамга мүнөздүү болгон сырткы келбетти, анын ички дүйнөсүн, характерин чагылдыруу менен бирге, маалым тарыхый доорго тийиштүү белгилерин чагылдырып берет. Каармандын ички кайгы-кубанычын анын жүз түзүлүшү, көз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

карашы, жүрүш-турушу, кийиминде көрүүгө болот. Сүйгөн каарманды түрдүү көрүнүштө сүрөттөө мүмкүн:

**чын жүрөктөн** – сүрөтчү белгилүү болгон инсандын өзүнчө мүнөздүү өзгөчөлүгүн ашырып чагылдырат;

**салтанаттуу** – массалык жайларга болжолдоногон белгилүү адамдардын портрети. Аларда сүрөттөлгөн инсандын сиңирген эмгектери, коомдогу орду, ага шайкеш кийим, интерьер буюмдар чагылдырылат;

**социалдык** – кең чөйрөдөгү коомдук класстын турмуш шарты чагылдырылат;

**психологиялык** – характер жогорку көркөм чебердик менен чагылдырылат. Композициялык түзүлүшү жагынан портреттер көкүрөккө чейин, белге чейин, тизеге чейин жана толук тулкубой болушу мүмкүн.

Мен сүйгөн каармандын портретин иштөөдө анын өзүнө мүнөздүү характерин көрсөтүүгө баш жана кол бөлүктөрү чоң мааниге ээ. Сүрөттөлүүчү каармандар колдун жаңсоолору менен аңгемелешет жана бул өзгөчөлүктөр да характерди ачып берүүгө жардам берет. Каармандын көзүн сүрөттөө маанилүү мааниге ээ. «Көз – көңүл күзгүсү», – делет элдик макалда. Көз – татаал жерлердин бири болуп, өтө анықтыкты, ой-пикирди топтоону талап кылат.

Портрет композициясын баштоодо, анын пропорция жана түстөрдүн чечи-



*Р. Худайберганов.*
«Жалалиддин Мангуберди»



*А. Абдуллаев.*
«Алишер Навайй»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мин табыш үчүн бир нече калем сызыктары жана этюддарды аткаруу керек. Калем сызыктары жана этюддар иштелгенден кийин, алар жалпылаштырылат, характерлүү жерлери белгиленет, кийин бир бүтүндүк жана уйкаштык үстүндө иш алып барылат.

Мен сүйгөн каарман тесмасында портрет иштөөдө белгилүү сүрөтчүлөр жараткан чыгармалар портреттери ачык-айкын мисал болуп кызмат кылат. Алардын жашыруун сырында кандайдыр маани бар экендиги, характеринин ачып берилиши жана улуу инсандын ички кайгы-кубанычын сезиш мүмкүн. Белгилүү өзбек сүрөтчүлөрү Абдулхак Абдуллаев, Рахим Ахмедов Чынгыз Ахмаров, Малик Набиев жана көптөгөн башка сүрөтчүлөр бул темада укмуштай сонун портреттерди жаратышкан.

Абдулхак Абдуллаев тарабынан жаратылган портреттер «Мен сүйгөн каарман» темасына жакын болгон чыгармаларында республикабыздын атактуу жазуучулары жана артистердин портреттери галереядан татыктуу орун ээлеген, ал психологиялык портреттердин чебер устасы.



1. Портреттердин кандай түрлөрүн билесиңер?
2. «Мен сүйгөн каарман» портрети кандай аткарылат?
3. Тематикалык портрет иштелгенде характерлүү өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?
4. Кайсы сүрөтчүлөр атактуу адамдын портреттерин иштеген?



**Тапшырма.** «Мен сүйгөн каарман» темасында чын жүрөктөн портрет иштөө.

## 30-с а б а к . ПЛАСТИЛИН ЖЕ ЫЛАЙДАН ХАРАКТЕРЛҮҮ МААНАЙДАГЫ ПОРТРЕТ ИШТӨӨ

Буюмдун конструктивдүү өзгөчөлүктөрү жана шайкештигинин характерлүү формаларын куруу, окуучулардын көзү менен чамалоо, колдун аракетин өстүрүүгө, милдетти ырааттуу аткаруу көнүкмөсүн тарбиялоого, материалдардын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимди ээлөөгө көмөктөшөт. Айкелчилик үчүн иштетилүүчү сырьё – ылай жана пластилин эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Портретти баскычтуу иштөө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Кыял»



«Жаңы көйнөк»



«Ыр»

Даярдалган ылай жана пластилин бөлүгү алынат. Характерлүү маанайдагы портретти иштөө үчүн чыныгы сүрөтүнө карап портрет көчүрмөсү жасалат. Анын өлчөмүнө ылайыктап ылай же пластилин бөлүкчөлүрү даярдалат.

Характерлүү маанайдагы портретти иштөө үчүн сымдан баштын пропорциялары эсепке алынып, схемалык каркасы даярдап алынат. Алгач жумуртка сымал форманын ичин сым менен бекемдеп, темир кармагычка каркас даярдалат. Темир кармагычтын ылдый жагы тоголок же төрт бурчтук формада болуп, аны мурдатын даярдалган тактага бекемделет.

Каркаска ылай же пластилин форма боюнча жабыштырылат. Жыгачтан даярдалган стектен пайдалануу орундуу эсептелет. Кийин тандалган характерлүү маанайдагы портреттин бөлүктөрү: мурун, көз, эрин, кулак жана чач бөлүктөрү белгиленип, өз ордуна орнотуп чыгылат. Уланган жерлери жакшылап тегиздеп, жалпы башка иштөө берилет.

Кийин даяр портреттин сырты сууда нымдалган чүпүрөк же бармак менен тегиздеп чыгылат. Эми даяр болгон характерлүү маанайдагы портретке стектердин жардамында көркөм иштөө берилет.

Ылайдан иштелген болсо, көлөкөдө жакшылап кургатылат. Характерлүү маанайдагы портретти жакшы иштөөдө берилген сүрөттөрдөгү айкелчилер жараткан айке,лдерден өнүмдүү пайдалануу мүмкүн.

Буюм жасоодо көбүрөөк боз түстөгү ылай колдонулат. Ылай төмөнкүдөй даярдалат: кургаган кесекти майда бөлүктөргө бөлүп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аларды пластмасса идишке кабат-кабат кылып жайгаштырылат, ар бир кабатка суу куюлуп турулат. Бир күндөн кийин ылайды кылдаттык менен камыр сыяктуу кылып аралаштырылат, эгерде колго жабышпаса, ылай иштетүү үчүн даяр деп эсептелет.

Ылайдан жасалган моделди гуашь боёгу менен каалаган түскө боёо мүмкүн. Ылайдын ийкемдүүлүгү, боёого боло тургандыгы балдар үчүн өтө кызыктуу жана ыңгайлуу.

**Пластилин** – ийилүүчү, жумшак жана узак кургабай турган материал. Бирдей түстөгү буюмдарды жасоо үчүн дайыма даяр материал. Жасалган буюмдардын формасы бузулбайт жана жарылбайт, жумшарып, эрийт, суукта болсо катуулашат.

1. Айкел портретти жасоодо каркас кандай даярдалат?
2. Стек деген эмне?
3. Баштын бөлүктөрүн иштегенде эмнелерге көңүл бөлүү керек?
4. Айкелчилердин чыгармаларын мүнөздөп бергиле.

**Тапшырма.** Характерлүү маанайдагы образдын айкелин жасап келүү.

## 31-сабак. «АДАБИЙ ЧЫГАРМАНЫН КААРМАНЫ» ТЕМАСЫНДА ПОРТРЕТ – ИЛЛЮСТРАЦИЯ ИШТӨӨ

Темалар боюнча композицияларды түзүүдө адабий чыгармаларга иллюстрацияларды иштөө жараянында балдар жомок, аңгеме, тамсил, дастандардын каармандарынын образдарын өз сүрөттөрүндө чагылдырууга аракет кылышат. Бул иштер түздөн-түз китеп дизайни менен байланыштуу. Алардын айрымдары миниатюра живопись жанрында аткарылышы мүмкүн.

Сүрөтчүлөр тарабынан китептерге иштелген иллюстрация жана дизайндер китептин мазмунун аныгыраак жана тезирээк түшүнүп алууга жардам берет. Илгерки убактарда китепти кооздоого өзгөчө көңүл бурушкан. Миниатюралардан, айрыкча, Камолиддин Бехзод, Султан Мухаммад, Касым Али, Махмуд Мусаххиб, Мухаммад Мурод Самаркандилер чоң атакка жетишишкен.

XX кылымдын экинчи жарымында Өзбекстанда китептерди көркөм кооздоодо И. Икрамов, В. Кедрин, М. Рейх, А. Ошейко, К. Башаров,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ф. Башарова.* Өзбек эл жомокторуна иллюстрация

И. Кириакиди, Т. Мухаммедов жана башка сүрөтчүлөр искусствонун улуттук көркөм салттарын улантып, чоң жетишкендиктерди колго киргизишти.

Графика жанрында ийгиликтүү иштелген чыгармалардын бири – Кутлуг Башаровдун «Өзбек улуттук оюндары» деп аталат. Өз убагында Искандар Икрамов тарабынан А. Наваийнин «Лирика» аттуу төрт томдук топтомуна иштелген сүрөттөрү, сүрөтчүнүн чыгармачылыгынын гүлдөгөн доорунда жаратылган иштеринен эсептелет.

Иллюстрация китептин мазмуну менен байланыштуу болуп, анын түшүнүктүү болушуна кызмат кылуучу сүрөт.

Иллюстративдүү сүрөт тартуу сабактары адабият сабактары менен өз ара байланышта жүзөгө ашырылат. Иллюстрацияны иштөөдөн мурда сүрөтчү чыгарманы жакшылап үйрөнүп чыгышы керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Т. Мухамедов*. Өзбек эл жомоктору

Чыгармадагы окуя болгон доорго тиешелүү материалдарды табуу, ошол доордун адамдарынын маданияты жана турмушун, өлкөнүн табиятын билип алышы керек болот.

Гафур Гуламдын «Тентек бала» чыгармасындагы тентек баланын образы адабий чыгарманын каарманы катарында алынып, ага иллюстрациялар иштелген. Сүрөттөрдө көрүп турганыңардай, бул иллюстрациялар тикеден-тике китептин мазмуну менен байланыштуу. Чыгармадагы кызыктуу эпизоддор тандап алынып, аларга ылайыктуу эскиздер чийилген. Ушул сүрөттөрдө тентек баланын



Жомокко иштелген иллюстрация



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



энесинен жашырынып май жана короосундагы тооктордун тукумунан алып, көчөгө чыгып кетип жаткан кезинде энеси аны көрүп калып, урушуп жатканы сүрөттөлгөн. Кийинки абалдарда тентек баланын өз кылмышынан коркуп турганы, бейтааныш адамдын үйүнө кирип калып, тандырдын ичинде жашырынып отурганы жана өзүнүн кылган тентектигинен сүйүнгөнү, кала берсе молдонун тентек балага акыл айтып жаткан абалына эскиз иштелген.

Чыгарманын каармани образынын тышкы көрүнүштөрү, жүрүш-турушунда кембагал, жарды, меймандос, жөнөкөй экендигин көрүшүбүз мүмкүн.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Окуучуларга түрдүү варианттарда иштелген ушул дастандарга негизделген композицияларды жардам иретинде «Алпамыш», «Гөр уулу», «Авазхон», «Ж. Мангуберди» сыяктуулардын өзүнчө сүрөттөлгөн иллюстрациялары берилиши мүмкүн.

Чыгармага иштелген иллюстрация композициясын түзүүдө түрдүү иллюстрация сүрөттөрүнөн пайдаланып, калемде эскизди аткарышат. Калемде аткарылган эскизди бир-бирден байкап, каталары оңдолот.

1. Адабий чыгармада каарман кандай сүрөттөлөт?
2. Адабий чыгармалардын мазмуну кандай баяндалат?
3. «Тентек бала» чыгармасында эмнелер баяндалган?
4. Чыгармадагы образдар жөнүндө кандай пикирдесиңер?

**Тапшырма.** Сабакта калемде тартылган композицияны боёкто боёп келүү.


## 32, 33-сабактар. ЖИВОПИСЬ ЖЕ ГРАФИКА ЖАНРЫНДА ПОРТРЕТ ИШТӨӨ

Портрет жаратуунун биринчи баскычы маанилүү ролду ойнойт. Портреттин мазмундуу чыгышы ушул баскычты туура аткарууга байланыштуу. Себеби, бул баскыч сүрөттүн негизи болуп эсептелет. Аткаруу баскычынын мыйзамдуулуктарына таянып, баштын жалпы формасы кагаз бетине чийилет. Бул жерде баштын алдыңкы жана ылдыйкы жактарынан башка жактарына караганда көбүрөөк жай калтырылат. Андан сызыктын жардамында баштын бурулуш багытын белгилеп, тик орто сызык өткөзүлөт, бул сызык каштын арасынын, мурундун учу жана ээктин таяныч чекиттеринен айлана түрүндөгү сызыкты пайда кылат. Таяныч чекиттерден көз окторуна параллель жардамчы сызыктар жүргүзүлүп, баштын негизги ара катыштары белгиленет. Салыштыруу үчүн ара катышына мурундун узундугу алынат. Бул жерде көздүн октору баштын да горизонталь огу болуп саналат. Ушул сызыктын узундугунан көздөрдүн четки чекиттерин, кулактын угуу тешигинин тышкы формасы белгилеп алынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Портретти сүрөттөө баскычтары

Экинчи баскычта баштын негизги булчуңдарынын жалпы формасынын түзүлүшү белгиленет.

Мурунку баскычта мурундун орду белгиленген болсо, эми анын жалпы формасынын линиясын чиебиз. Анын жалпы формасы призмага окшоп, төрт тегиздиктен турат. Мурундун эни көздүн узундугуна тең жана көздүн четки точкасы менен баштын четки сызыгынын аралык өлчөмү барабар болушу мүмкүн. Ошентип, мурундун эни баштын вертикаль абалын өлчөөчү өлчөм эсептелет. Баштын размери вертикаль абалда мурундун жети энине тең (эки кулакты эсепке алганда). Бул өлчөм менен баштын тик узундугун да белгилөө мүмкүн, бирок көбүрөөк баштын бою мурундун узундугу менен өлчөп келинген. Ушул өлчөм менен эсептегенде баштын узундугу үч жарым мурун узундугуна тең келет. Бул салыштыруу төмөндөгүдөй: ээктин алдыңкы четки чекитинен мурундун учуна чейин, андан каш сызыгына чейин жана каштан маңдай сөөккө чейин болгон аралыктар. Маңдай сөөктөн жогоруга чейин болгон аралык ушул өлчөмдүн жарымына тең келет. Мурунду сүрөттөө жараянында анын эки тарабында көздүн чарасынын жалпы формасын сызып, ичине шар сымал көздүн алмасы белгиленет. Андан үстүнкү кабагы менен астынкы кабагынын көздүн ортосунан канчалык аралыкта жайгашкандагы аныкталат. Көздү сүрөттөө учурунда экөөсүн тең параллель сызуу керек, себеби алар беттин эки жагында симметриялуу жайгашкан. Кулакты да ушундай усулда иштөө керек. Мурунду сүрөттөгөндө кулактын да түзүлүшүн белгилөө керек, себеби алардын узундугу бирдей жана бир катарда жайгашкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөттөлүп жаткан баш алдыдан эмес, төрттөн үч бөлүк бурулушунда болгону үчүн кийинки көрүнүштөгү көз же кулак жакыныраакта жайгашкан көз менен кулактан азыраак болсо да кичирээк болот. Бул перспектива мыйзамы болуп, аны практикада колдонуу эстен чыкпастык керек.





Теңкурлардын иштери

Ооздун түзүлүшүн тартканда мурун менен ээктин аралыгы үч бөлүккө бөлүнөт. Үстүңкү бөлүктө ооз жайгашат, бөлүк сызыгы ооздун ок сызыгы эсептелет. Кийин ооздун четки чекиттери – үстүңкү жана астынкы эриндин аралык катыштары белгиленет. Үстүңкү эринди мурун менен байланыштыруучу кырына сызыктар чийилет, сызыктын эрин менен кошулган жери үстүңкү жагына караганда кеңирээк болот.

Жалпысынан, баш булчуңдарын сызууда, алардын катыштарын текшерип, көлөкө-жарыгы белгиленип, штрихтөө керек.

Үчүнчү баскыч – чачты сүрөттөө жараяны, Чачты сүрөттөгөндө анын жарык бөлүгү адамдын жүзүнүн көлөкөсүнө караганда кара болот. Штрихтерди чачтын багытына карата жүргүзүү керек, себеби, бул анын табигый экенин көрсөтөт. Бул баскычта көздү тартууга да көңүл бөлүү керек. Көз – адамдын жүзүнүн «күзгүсү». Көз аркылуу адамдын ички дүйнөсүн жана жаш өзгөчөлүктөрүн билүүгө болот. Ошон үчүн сүрөттөгү адамдын табигый көрүнүшүнө окшоштугу көбүрөөк көз же көздүн карегин чебердик менен сүрөттөөсүнө байланыштуу

Жогорудагы үч баскычта сүрөттөө жалпыдан жекеге карай иштелген болсо, бул жерде тескерисинче, жекеден жалпыга карай сүрөттөлөт, башкача айтканда баштын көрүнүшү жалпылаштырылып аякталат.

Портретти живописте сызуу маанилүү мааниге ээ. Графикалык усулда аткаруу сыяктуу живописте да баскычтуу сүрөттөрдү иштөө мүмкүн. Түс менен иштегенде анда түрдүү боёктор болбостугу керек. Портретти түстө иштөө үчүн негизги түстөрдү чагылдыруучу боёкторду таап, алардан туура пайдалануу керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Графикалык усулда портрет кандай аткарылат?
2. Портретти тартууда эмнелерге көңүл бөлүү керек?
3. Кагазга кандай жайгаштырылат?
4. Портретте катыштар өлчөмү кандай жүзөгө ашырылат?
5. Портретти иштөөдө штрих багыты кандай жүргүзүлөт?

**Тапшырма**. Живописте портрет иштөө.

## 34-сабак. ЖЫЛ БОЮ АТКАРЫЛГАН ИШТЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Жыл боюнча өздөштүрүлгөн билимдерди аныктоо суроолордун жардамы менен башталат. Алар төмөнкүдөй мазмунда болот.

1. Сүрөт өнөрүнүн кандай чагылдыруучу каражаттарын үйрөндүңөр?
2. Сүрөт өнөрү сабактарында кандай окуу куралдары колдонулат?
3. Сүрөт өнөрү сабактарында кандай аталыштарды билесиңер?
4. Сүрөтчүлөрдүн кайсы чыгармаларынын аттарын билесиңер?
5. Скульпторлордун (айкелчилер) кайсы чыгармаларын билесиңер?
6. Анималистика жанры деген эмне жана кимдер бул жанрда иштеген?

Берилген жооптор аркылуу окуучулардын билимдери аныкталат. Жыл бою аткарылган практикалык иштер (калем менен тартылган сүрөт, живопись, айкелчилик жана башкалар) көрсөтүлүп, талдоо кылынат.






Кезектеги тапшырмаларда жайкы иштер жөнүндө рекомендация жана көрсөтмөлөр берилет. Ал болжол менен төмөнкүдөй мазмунда болот.

Жыл бою сүрөт өнөрүнөн алган тажрыйбаларды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бышыктоо жана билимдерди кеңейтүү максатында жайкы каникул күндөрүндө сүрөт өнөрү менен алектенип турууга туура келет. Бул үчүн ватман жана акварель боёктор, жөнөкөй кара жана түстүү калемдер, кыл калемдер, пластилин, көмүр, сангина жана башкаларды даярдап коюу керек.

Сүрөт өнөрү жана прикладдуу искусствого таандык репродукцияларды, сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынын көчүрмөлөрүн түрдүү журналдардан алып топтоо керек болот. Албетте чыгарманы жараткан сүрөтчүнүн жана чыгарманын атын, жылын жазып коюу керек. Каникул күндөрүндө айлана-чөйрөдөгү сулуу көрүнүштөрдү боёкто иштөө, куш жана жаныбарлардын айкелин пластилин же ылайдан жасоо да кызыктуу.

## Колдонулган адабияттар

1. Абдурасулов С., Толипов Н., Орипова Н. **Живопись.** – Т.: «Oʻzbekiston», 2006.

2. Абдурасулов С., Байметов Б., Талипов Н. **Сүрөт өнөрү. –**Т.: «Чолпон» басмасы. 2012.

3. Абдурасулов С. **Сүрөт өнөрү жана аны окутуу методикасы. –**Т.: «Илм-Зиё» басмасы. 2011.

4. Абдурасулов С. **Сүрөт өнөрүн окутуу методикасы.** **–**Т.: «Илим жана технология» басмасы. 2012.

5. Козиев Т., Эгамов А., Канатов Т., Нуркабылов А. **Живопись. 5–9 класстар.** «Санъат» журналы басмасы, **–**Т.: 2004.

6. Нуртаев О. Н. **Түс таануу негиздери. –**Т.: «Илм-Зиё» басмасы, 2008.

7. Хасанов Р. **Мектепте сүрөт өнөрүн окутуу методикасы.** **–**Т.: «Фан», 2004.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК

**1-сабак.** Сүрөт өнөрүнүн чагылдыруучу каражаттары жөнүндө маек (репродукцияларды талдоо негизинде) ....3
**2,3-сабактар.** Калемде түрдүү сызыктардын (штрих) жардамында сүрөттүү образдарды жаратуу ....29
**4-сабак.** Ак жана кара түстөрдөн графикалык сүрөт тартуу ....36
**5-сабак.** Тынч, ойлуу абалдарды чагылдыруучу пейзажды сүрөттөө ....40
**6-сабак.** Көлөм-айкелчиликтин негизи. Адам айкелин жасоо....43
**7-сабак.** Айлуу түндөгү же Күндүн батыш чагындагы дарακты сүрөттөө ....49
**8,9-сабактар.** Живопистин өзгөчөлүктөрү ....51

## II ЧЕЙРЕК

**10-сабак.** Живопись жана графикада пейзаж. Пейзаж жанрындагы чыгармаларды талдоо жана чыгармачылык иш ....58
**11-сабак.** Табияттын образдуу пейзажын иштөө ....64
**12-сабак.** Чыгыш шаары сүрөтүнүн эскизин иштөө ....68
**13-сабак.** Сүрөт өнөрүндө анимаклистик жанр. Маек жана практикалык иш ....70
**14-сабак.** «Мен сүйгөн жаныбар» темасында сүрөт тартуу ....73
**15-сабак.** «Кыш пейзажы» темасына сүрөт тартуу ....76
**16-сабак.** «Жаңы жыл» темасына дубал газета иштөө. Контролдук иш ....78

## III ЧЕЙРЕК

**17-сабак.** Живописте натюрморт. Натюрморт жанрында жаратылган чыгармаларды көркөм өздөштүрүү ....80
**18, 19-сабактар.** Улуттук идиштерден түзүлгөн темалуу натюрмортту (2–3 буюмду) акварель боёгу менен иштөө ....86
**20-сабак.** Түстөрү жагынан карама-каршы (контраст) буюмдардан түзүлгөн натюрмортту графикалык усулда иштөө ....90
**21-сабак.** Эстөө боюнча натюрморт композициясын иштөө ....94
**22, 23-сабактар.** Табият пейзажы фонунда натюрморт иштөө ....96
**24-сабак.** Көркөм коздоо графикасы. ....98
**25-сабак.** 8-Март майрамына дубал газетасын иштөө. Контролдук иш ....102
**26-сабак.** Нооруз майрамына арналган композиция иштөө ....103

## IV ЧЕЙРЕК

**27-сабак.** Сүрөт өнөрүндө портрет. Портрет жанрында иштелген чыгармаларды көркөм өздөштүрүү ....107
**28, 29-сабактар.** «Мен сүйгөн каарман» темасында портрет иштөө....112
**30-сабак.** Пластилин же ылайдан характерлүү маанайдагы портрет иштөө ....114
**31-сабак.** «Адабий чыгарманын каарманы» темасында портрет – иллюстрация иштөө ....117
**32, 33-сабактар.** Живопись же графика жанрында портрет иштөө....121
**34-сабак.** Жыл бою аткарылган иштердин жыйынтыгы....124

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

Tursunali KUZIYEV, Sunatilla ABDIRASILOV,
O‘rinboy NURTOYEV, Asqarali SULAYMONOV

**TASVIRIY SAN’AT**

(Qirg‘iz tilida)

**Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 5-sinfi uchun darslik**

Которгон *Р. Жуманазарова*
Редактору *Р. Тургунова*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басма үй лицензиясы AI 158, 14.08.2009. 2015-жылы 15-июлда басууга уруксат этилди. Форматы 70х90$^1/_{16}$. Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Арип түрү «Times New Roman». Кегл. 13; 11. Шарттуу басма табагы 9,36. Учёттук басма табагы 10,52. Нускасы 978. Заказ № 15-459.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100129, Ташкент, Наваий көчөсү, 41.

Телефон: (371) 244-87-55, 244-87-20
Факс: (371) 244-37-81, 244-38-10
e-mail: iptduzbekistan@iptd-uzbekistan.uz
www.iptd-uzbekistan.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты фамилиясы | Окуу жылы | Окуу | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандыгы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайджаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмас. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлыксыз | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE